*КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ.*

*Билим Берүүдөгү Заманбап Маалыматтык Технологиялар Институту*
*Талас кесиптик колледжи*

# *ОКУУ-МЕТОДИКАЛЫК КОМПЛЕКСИ*

***«Кыргыз тили жана адабияты»*** дисциплинасы боюнча

Дисциплина боюнча окуу-методикалык комплекстин мазмуну

1. Окуу адистигинин жумушчу программасы
2. Силлабус – адистикттин окуу программасы (студенттер үчүн)
3. Практикалык сабакты өтүү боюнча методикалык көрсөтмө
4. Башка окуу-методикалык материалдар

*КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ.*
*Билим Берүүдөгү Заманбап Маалыматтык Технологиялар Институту*
*Талас кесиптик колледжи*

# *Жумушчу программа*

***"Кыргыз тили жана адабият " предмети боюнча***

***Адистиги :*** *"Башталгыч класстарда окутуу" шифр 050709 "Укук таануу" шифр 030503 "Экономика жана бухгалтердик эсеп" шифр*

**Окуу формасы: күндүзгү**

| | **Семестр** | **Сааттардын көлөмү** |
|---|---|---|
| **Курс** | **2** | |
| **Семестр** | **3-4** | |
| **Зачет** | | |
| **Экзамен** | + | |
| **Лекция** | | |
| **Лабораториялык сабак** | | |
| **Практикалык сабак** | **45/45** | **90** |
| **Өз алдынча иштөө, сааты** | | **90** |
| **Модулдар** | **1-2** | |
| **Курстук иш** | | |
| **Жалпы:** | | **90** |

Иштеп чыккан окутуучу: М.Ы.Рыскулова___________
(колу)

Методикалык кеңешменин отурумунда талкууланган жана бекитилген.

Протоколдун №______ "______" "______________" 2024 -жыл.

Талас шаары

## Курстун максаты жана милдеттери

Азыркы кыргыз адабий тили-Енисей жазма эстеликтери деп аталган маданий дөөлөттөр жаралган байыркы кыргыз тилинин өркүндөтүлгөн формасы, кыргыз элинин коомдук турмушунун бардык тармактарында толук түрдө колдонуу мүмкүнчүлүгүндө турган улуттук жана мамлекеттик тил.

Миңдеген кылымдарды карыткан кыргыз эли өзүнүн азап-тозогуна карабай, тилин сактап, бапестеп өңүтөрүп, көркөмдүүлүгүн, байлыгын арттырып, ийкемдүүлүгүн, угумдуу жатыктыгын өркүндөтүп келген. Мунун баардыгы негизинен кыргыз тилинин өзүнүн ички мүмкүнчүлүгү, көркөм кудурет күчү аркылуу шартталып, ага таянуу, андан башат алуу менен өнүктүрүлгөн.

Тилдик каражат бирдиктер, аларды колдонуу ыкмалары кыргыз тилинин өзүнүн закон ченемдүүлүктөрү, мүмкүнчүлүктөрү, жеке өзгөчөлүктөрү аны башка тилдерден айырмалап, өзүнө гана тиешелүү тилдик системасынын, структурасынын жана нормасынын калыптанышын шарттады.

Кыргыз тилинин эгемендүү Кыргыз мамлекетинин мамлекеттик тил катары юридикалык өзгөчө укукка ээ болушу ал тилдин ар тараптан өнүгүп, өркүндөшү, өнөктүү тилге айланышы, алды менен анын коомдук турмуштун бардык чөйрөлөрүндө кеңири пайдалануу жана аны илим-билим, таалим-тарбия берүүнүн чыныгы куралына айландыруу менен тикелей байланышкан.

Ошентип азыркы кыргыз тили кыргыз элинин коомдук турмушунда, анын маданияты менен экономикасы , искусствосу менен илим-билиминин өнүгүшүндө олуттуу кызматкылууда. Демек, жогорку жана орто окуу жайларда, мектептерде окуп-үйрөнүүнүн негизи катары кыргыз тилинин зарылдыгы келип чыгат.

“Кыргыз тили жана адабияты” дисциплинасы Б.1.1. жалпы гуманитардык циклдин базалык бөлүгүнө кирет. Бул дисциплина мам.стандарттын негизинде кесиптик орто окуу жайынын күндүзгү бөлүмүнүн “Педагогика жана башталгыч билим берүү” адистигине жалпы 90 аудиториялык саат берилген. Анын ичинен 54 саат практикалык саат, 36 саат СӨИге бөлүнгөн.Жыйынтыкточуу экзамендиксыноо менен аяктайт.

“Кыргыз тили жана адабияты” дисциплинасынын **мазмунунда** фонетиканын изилдөө обьектиси, үндүү жана үнсүз тыбыштар, муундун түрлөрү, сөздүн составдык бөлүктөрү, термин, кесиптик лексика, фразеология, синоним, омоним, архаизм, неологизм сөздөр, сөз түркүмдөрү, сүйлөм, сөз айкашы жөнүндө теориялык база берилет. Ошондой эле теориялык темага ылайык лексикалык темаларга кыргыз элинин ырларынан, макал-лакаптарынан, элдик оозеки чыгармачылыгынан, баатырдык жана кенже эпостор менен кыргыз адабиятына белгилүү акын-жазуучулардын чыгармалары берилет.

“Кыргыз тили жана адабияты” дисциплинасынын негизги **максаты** катары студенттерге кыргыз тилинин теориялык курсун өздөштүрүүгө б.а. кыргыз тилинде оозеки жана жазуу түрүндө окуп, жаза билүүгө; теориялык жана практикалык чөйрөдө өз оюн билдирүүгө, анализдеп, синтездөөгө; сөздүктөрдү пайдалануу менен кесибине ылайык терминдерди билүүгө; тандаган кесибинин маанилүү экендигин жана кыргыз адабиятынын элдик оозеки чыгармачылыгынан, “Манас” эпосунан, кыргыз адабиятынын көрүнүктүү акын-жазуучуларынын көркөм чыгармаларындагы каармандардын образдары аркылуу нравалык принциптерди күнүмдүк жашоого ылайык колодоно алууга жардам берет.

**Дисциплинаны өздөштүрүүдө төмөнкү компетенцияларга ээ болот**:

- тандаган кесибинин маанилүү экенидигин билүү; анын келечеги үчүн бардык күч аракети менен талбай окуп-үйрөнүүгө ОК-1;
- алдыга максат коюуга;
- ишмердүүлүгүнө жардам берүүгө;
- сапаттуу билим алуусуна көмөктөшүү ОК-7

**Курстун милдети :**

- Кыргыз тилинде оозеки жана жазуу түрүндө айтып, жаза билүүгө;
- Өз алдынча оюн айта билүүгө;
- Этикага ылайык кепти орду менен колдонууга;
- Теориялык билимдерге ээ болууга;
- Кыргыз тилиндеги сөздөрдү , кесибине ылайык терминдерди которуп алуу менен пайдаланууга;
- Чыгармалардагы нравалык касиеттерди күнүмдүк жашоодо колдоно алууга милдеттенет

**Пререквизиттер**: мектеп базасындагы “Кыргыз тили”, “Эне тили”, “Кыргыз адабияты” предметтерин өздөштүрөт.

**Постреквизиттер:** “Азыркы кыргыз тили”, “Кыргыз тилинин практикуму”, “Кеп маданияты”

**1.1.Студент билиши керек:**

- тил менен сүйлөөнүн өз ара айырмасы, ойду жеткирүүдөгү тилдин функциясын;
- кыргыз адабий тилинин нормаларын;
- түрдүү иштиктүү жанрдагы текстин эрежелери, оозеки жана жазуу речинин спецификаларын;
- кыргыз тилинин тыбыштык өзгөчөлүгүн жана анын түрлөрүн;
- сөздүктөрдүн негизги типтерин;
- фонетика, негизги фонетикалык бирдиктерди жана тыбыштык өзгөчөлүктөрдү;
- үндүүлөр менен үнсүздөрдүн айтылышындагы жана жазылышындагы
- өзгөчөлүктөрдү ажырата алууну;

**жасай билиш керек:**

- тилдик, коммуникативдик жана этикалык нормаларды дал келтирип ,өздүк речти түзүүнү;
- өздүк речти анализдөөнү;

- оозеки жана жазма речтеги кемчиликтерди, каталарды жое билүүнү;
- иш кагаздарынын үлгүлөрүн жаза алууну;

**колдоно билиш керек:**

- сүйлөө мезгилинде көркөм каражаттын терминдерин;
- лексикалык нормаларды;
- фразеология, фразеологиялык бирдиктерди атоо жана аларды сүйлөөдө колдоно билүүнү;
- кыргыз лексикасынын түрлөрүн жана анын баюу булактарын ажыратууну;
- кыргыз тилинде сөздүктөрдү колдоно билүүнү;
- иш кагаздарынын үлгүлөрүн жаза алууну;
- кесипке ылайык тексттерди окуп, колдонуу аркылуу студенттердин оозеки жана сүйлөөсүнүн жазма формасы өсөт жана маалыматка ээ болуп,алган билимди колдоно билүү жөндөмдүүлүгүнө ээ болушат;

- **1.2**. **Дисциплиналарды өздөштүрүүнүн жыйынтыгындагы компетенциялар:**
- Берилген дисциплиналарды өздөштүрүү процессинде студент төмөндөгү компетенцияларды билүүгө тийиш:
-

| Компетенциянын коду | Компетенциянын мазмуну |
|---|---|
| ОК-1 | -тандаган кесибинин маанилүү экенидигин билүү; анын келечеги үчүн бардык күч аракети менен талбай окуп-үйрөнүүгө ОК-1; |
| ОК-7 | -алдыга максат коюуга;<br>-ишмердүүлүгүнө жардам берүүгө;<br>-сапаттуу билим алуусуна көмөктөшүү ОК-7 |
| ПК-1 | -сабактын максатын жана милдетин аныктоо жана пландаштыруу |
| ПК-2 | -сабакты уюштуруу жана өтүү<br>-педагогикалык көзөмөл жүргүзүү<br>-сабакты жыйынтыктоо жана баалоо<br>-сабакка анализ берүү<br>-технологиялык каражаттарды жана жаны методдорду колдонуу |
| ПК-4 | -педагогикалык этиканы сактоо |
| **Студенттерди окутууда сабактан тышкаркы иштерди уюштурууда колдонулуучу компетенциялар** | |
| ПК-7 | -педагогикалык контроль жүргүзүү,<br>- башталгыч класстардын окуучуларын окутууда чыгармачылыгын өстүрүү. |
| **Билим берүү процессинде методикалык жардам** | |
| ПК-13 | -окуу-методикалык документциялар жана укуктук нормативдик документтер менен иш алып баруу<br>-окуу-методикалык комплектти тандоо<br>-мамлекеттик стандарттын жана окуу программасынын негизинде |

материалдарды иштеп чыгуу( жумушчу программалар, силлабус)

**Окуу сабактарын жүргүзүү формасы**

Предметтин мазмуну окуу процессин уюштуруу аркылуу жалпы аудиториялык – 90 саат, практикалыксабак-54 саат жана студенттердин өз алдынча иштөөсү 36 саат (жумушчу программада каралган) аркылуу ишке ашырылат.

Студенттердин өз алдынча иштөөсү аудиториялык сабакта жана сабактан (практикалык тапшырмаларды аткарууда) тышкары да даярдануу аркылуу ишке ашырылат.

**Билимди текшерүү формасы**

Предметти окутуу процессинде текшерүүнүн түрлөрүн колдонуу максатка ылайыктуу: учурдагы текшерүү, аралык текшерүү, жыйынтыктоочу текшерүү аркылуу ишке ашырылат.

- Учурдагы текшерүү теманы өздөштүрүүгө тандалган сабакта алган учурда ишке ашат.
- Аралык текшерүү бардык студенттер үчүн ар бир предметтик модулда өтүлгөн материал боюнча алган билимдерин баалоо.
- Жыйынтыктоочу текшерүү - экзамен

Ар бир модулда минималдык жана максималдык балл аныкталат. Ар бир модулдагы максималдык балл өтүлгөн материалды 100% өздөштүрүүсүнө барабар. Ар бир модулда минималдык балл милдеттүү жана башка модулдун баллы менен толукталбайт.

Оң жыйынтыкты алуу үчүн 50 баллдан кем эмес балл топтоо керек.

Предметтик модул боюнча рейтингдик модулдун баллы татаалдыгына жана маанилүүлүгүнө карата бөлүштүрүлөт.

## “Кыргыз тили жана адабияты”предметибоюнча

## ТЕМАТИКАЛЫК ПЛАН

| предметтик модулдун № | лек тема № | Теманынаталышы | Сабактын түрү боюнча сааттардын бөлүштүрүлүшү | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | лк | прак (сем) | СРС |
| **ДМ 1** | 1.1 | **Грамматикалык тема:** Фонетика. Үндүү жана үнсүз тыбыштар<br>**Лексикалык тема:** “Манас” эпосу- кыргыз элинин көөнөрбөс мурасы | | 2 | 2 |
| | 1.2 | **Грамматикалык тема:**Кыргыз лексикографиясы<br>**Лексикалык тема:** “Манас” эпосунун жети осуяты | | 2 | 6 |
| | 1.3 | **Грамматикалык тема:**Орфография. Анын эрежелери<br>**Лексикалык тема:**Кыргыз элинин макал-лакаптары | | 2 | |
| | 1.4 | **Грамматикалык тема:**Муун, анын түрлөрү<br>**Лексикалык тема:**Кыргыз элинин элдик оозеки чыгармачылыгы | | 2 | 4 |
| | 1.5 | **Грамматикалык тема:**Басым<br>**Лексикалык тема:**Кыргыз элинин каада-салт ырлары | | 2 | |
| | 1.6 | **Грамматикалык тема:**Кыргыз лексикасынын сөздүк фонду<br>**Лексикалык тема:**Манасчылар | | | 2 |
| | 1.7 | **Грамматикалык тема:**Фразеологизмдердин кепте колдонулушу<br>**Лексикалык тема:**“Манас” эпосу жана Ч. Айтматов | | 2 | 4 |
| | 1.8 | **Грамматикалык тема:**Орфоэпиянын нормалары<br>**Лексикалык тема:** Ч. Айтматовдун“Гүлсарат” повестиндеги адам жана коомдун берилиши | | 2 | |
| | 1.9 | **Грамматикалык тема**: Сөздүн тутуму<br>**Лексикалык тема:**А.Осмоновдун өмүрү жана чыгармачылыгы | | 2 | 2 |
| | 1.10 | **Грамматикалык тема**: Зат атооч сөздөр<br>**Лексикалык тема:**Ч.Айтматовдун “Биринчи мугалим” чыгармасы | | 2 | |
| | 1.11 | **Грамматикалык тема:**Сын атоочтун даражалары<br>**Лексикалык тема:**С.Эралиевдин өмүр жолу | | 2 | |
| | 1.12 | **Грамматикалык тема:**Ат атооч<br>**Лексикалык тема:**Кыргыз элинин кенже эпостору | | 2 | |
| | 1.13 | **Грамматикалык тема:**Сүйлөм жөнүндө түшүнүк | | 2 | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | **Лексикалык тема:**К.Тыныстанов алгачкы профессор | | | |
| | 1.14 | **Грамматикалык тема:**Сүйлөмдүн түзүлүшү **Лексикалык тема:**Ч.Айтматовдун өмүрү жана чыгармачылыгы | | 2 | 4 |
| **ДМ 2** | 2.1 | **Грамматикалык тема:**Пунктуация илими **Лексикалык тема:**Белек Солтоноев “Кызыл кыргыз тарыхы” | | 2 | |
| | 2.2 | **Грамматикалык тема:**Төл жана бөтөн сөз **Лексикалык тема:**С.Байгазиев “Бакайдын образы” | | | 2 |
| | 2.3 | **Грамматикалык тема:**Текстин түзүлүшү **Лексикалык тема:**Т.Сыдыкбеков “Биздин замандын кишилери” | | 2 | 4 |
| | 2.4 | **Грамматикалык тема:**Сюжет, композиция **Лексикалык тема:**И.Разаков- коомдук ишмер | | 2 | 6 |
| | 2.5 | **Грамматикалык тема:**Кептин түрлөрү **Лексикалык тема:**Ч. Айтматов “Кылым карытар бир күн” | | | 2 |
| | 2.6 | **Грамматикалык тема:**Стиль жөнүндө түшүнүк **Лексикалык тема:**С.Байгазиев “Бизди ойготкон китептер” | | 2 | |
| | 2.7 | **Грамматикалык тема:**Иш кагаздары **Лексикалык тема:**Ч.Айтматов “Гүлсарат” | | 2 | 4 |
| | 2.8 | **Грамматикалык тема:**Термин жана терминология **Лексикалык тема:**С.Эралиев “Кесиринсан” | | 2 | 2 |
| | 2.9 | **Грамматикалык тема:**Сан атоочтун түрлөрү **Лексикалык тема:**Ж.Турусбеков “Ажал ордуна” драмасы | | 2 | |
| | 2.10 | **Грамматикалык тема:** Сырдык сөздөр **Лексикалык тема:** Ч.Айтматов “Ак кеме” | | 2 | |
| | 2.11 | **Грамматикалык тема:** Модал сөздөр **Лексикалык тема:**М. Элебаев “Узак жол” | | | 2 |
| | 2.12 | **Грамматикалык тема:** Синонимдер **Лексикалык тема:**Тоголок Молдо “Кемчонтой” | | 2 | |
| | 2.13 | **Грамматикалык тема:** Кесиптик лекика **Лексикалык тема**: Ө. Даникеев “Кыздын сыры” | | 2 | |
| | | **Жалпы** | | **46** | **45** |

**ПРАКТИКАЛЫК (СЕМИНАРДЫК) САБАКТАРДЫН ТЕМАЛАРЫ**

| № | Теманынаталышы | сааты |
|---|---|---|
| 1 | **Грамматикалык тема:** Фонетика. Үндүү жана үнсүз тыбыштар<br>**Лексикалык тема:** "Манас" эпосу- кыргыз элинин көөнөрбөс мурасы | 2 |
| 2 | **Грамматикалык тема:** Кыргыз лексикографиясы<br>**Лексикалык тема:** "Манас" эпосунун жети осуяты | 2 |
| 3 | **Грамматикалык тема:** Орфография. Анын эрежелери<br>**Лексикалык тема:** Кыргыз элинин макал-лааптары | 2 |
| 4 | **Грамматикалык тема:** Муун, анын түрлөрү<br>**Лексикалык тема:** Кыргыз элинин элдик оозеки чыгармачылыгы | 2 |
| 5 | **Грамматикалык тема:** Басым<br>**Лексикалык тема:** Кыргыз элинин каада-салт ырлары | 2 |
| 6 | **Грамматикалык тема:** Кыргыз лексикасынын сөздүк фонду<br>**Лексикалык тема:** Манасчылар | 2 |
| 7 | **Грамматикалык тема:** Фразеологизмдердин кепте колдонулушу<br>**Лексикалык тема:** "Манас" эпосу жана Ч. Айтматов | 2 |
| 8 | **Грамматикалык тема:** Орфоэпиянын нормалары<br>**Лексикалык тема: Ч.** Айтматовдун "Гүлсарат" повестиндеги адам жана коомдун берилиши | 2 |
| 9 | **Грамматикалык тема**: Сөздүн тутуму<br>**Лексикалык тема:** А.Осмоновдун өмүрү жана чыгармачылыгы | 2 |
| 10 | **Грамматикалык тема**: Зат атооч сөздөр<br>**Лексикалык тема:** Ч.Айтматовдун "Биринчи мугалим" чыгармасы | 2 |
| 11 | **Грамматикалык тема:** Сын атоочтун даражалары<br>**Лексикалык тема:** С.Эралиевдин өмүр жолу | |
| 12 | **Грамматикалык тема:** Ат атооч<br>**Лексикалык тема:** Кыргыз элинин кенже эпостору | 2 |
| 13 | **Грамматикалык тема:** Сүйлөм жөнүндө түшүнүк<br>**Лексикалык тема:** К.Тыныстанов алгачкы профессор | 2 |
| 14 | **Грамматикалык тема:** Сүйлөмдүн түзүлүшү<br>**Лексикалык тема:** Ч.Айтматовдун өмүрү жана чыгармачылыгы | 2 |
| 15 | **Грамматикалык тема:** Пунктуация илими<br>**Лексикалык тема:** Белек Солтоноев "Кызыл кыргыз тарыхы" | 2 |
| 16 | **Грамматикалык тема:** Төл жана бөтөн сөз<br>**Лексикалык тема:** С.Байгазиев "Бакайдын образы" | 2 |
| 17 | **Грамматикалык тема:** Текстин түзүлүшү<br>**Лексикалык тема:** Т.Сыдыкбеков "Биздин замандын кишилери" | 2 |
| 18 | **Грамматикалык тема:** Сюжет, композиция<br>**Лексикалык тема:** И.Разаков- коомдук ишмер | 2 |
| 19 | **Грамматикалык тема:** Кептин түрлөрү<br>**Лексикалык тема:** Ч. Айтматов "Кылым карытар бир күн" | 2 |
| 20 | **Грамматикалык тема:** Стиль жөнүндө түшүнүк<br>**Лексикалык тема:** С.Байгазиев "Бизди ойготкон китептер" | 2 |
| 21 | **Грамматикалык тема:** Иш кагаздары<br>**Лексикалык тема:** Ч.Айтматов "Гүлсарат" | 2 |

| | | |
|---|---|---|
| 22 | **Грамматикалык тема:** Термин жана терминология<br>**Лексикалык тема:** С.Эралиев “Кесиринсан” | 2 |
| 23 | **Грамматикалык тема:** Сан атоочтун түрлөрү<br>**Лексикалык тема:** Ж.турусбеков “Ажал ордуна” драмасы | 2 |
| 24 | **Грамматикалык тема:** Сырдык сөздөр<br>**Лексикалык тема:** Ч.Айтматов “Ак кеме” | 2 |
| 25 | **Грамматикалык тема:** Модал сөздөр<br>**Лексикалык тема:** М. Элебаев “Узак жол” | 2 |
| 26 | **Грамматикалык тема:** Синонимдер<br>**Лексикалык тема:** Тоголок Молдо “Кемчонтой” | 2 |
| 27 | **Грамматикалык тема:** Кесиптик лекика<br>**Лексикалык тема**: Ө. Даникеев “Кыздын сыры” | 2 |
| | **Баардыгы** | **54** |

**Модулдар боюнча түзүлгөн суроолор**

**1-модул**

| № | Модулдун суроолору | Баллы |
|---|---|---|
| 1. | Мамлекеттик жана официалдуу тилдин карым катышы. Улуттук тилдин орду. | 2 |
| 2. | Ч.Айтматовдун “Гүлсарат” повестиндеги Танабайдын образы коом менен мамилеси кандай? | 2 |
| 3. | Кыргыз тилинин алфавити. Үндүү жана үнсүз тыбыштар. | 4 |
| 4. | “Манас” эпосу улуттук энциклопедия катары орду | 2 |
| 5. | Сүйлөмдү муундарга ажыратып, алардын түрлөрү жөнүндө айтып бер | 4 |
| 6. | Кыргыз тилиндеги басым жана анын орду жөнүндөайтыпбер | 2 |
| 7. | Кыргыз элиндеги макал-лакаптардан айтып бер | 4 |
| 8. | Фразеологизмдерди катыштырып сүйлөм түзүп, алардын маанилери жөнүндө айтып бер | 4 |
| 9. | Орфоэпиянын нормалары айтып бер | 4 |
| 10. | Ч.Айтматов жана “Манас” эпосу жөнүндө эмне билесиң? | 2 |
| 11. | Өздөштүрүлгөн сөздүк аркылуу кыргыз тилине кабыл алынган сөздөр жөнүндө айтып бергиле | 6 |
| 12. | А.Осмоновдун ырларынан көркөм окуп бергиле | 4 |
| 13. | “Ырыс алды ынтымак” жомогун окуп, андагы зат атооч сөздөр жөнүдө айтып бергиле | 6 |
| 14. | Тест | 30 |
| 15. | СРС | 25 |
| 16. | Баардыгы | 100 |

**2- модул**

| № | Модулдун суроолору | Баллы |
|---|---|---|
| 1. | Кесибиң жөнүндө айтып бер | 2 |
| 2. | Синоним , омоним сөздөргөмисалкелтирип, аларжөнүндөайтыпбер. | 2 |
| 3. | Кесиптик лексикага мисал келтиргиле. Алар жөнүндө айтып бергиле. | 2 |
| 4. | К.Тыныстановдун кыргыз элине кошкон салымы | 2 |
| 5. | Ч.Айтматовдун “Ак кеме” чыгармасынан үзүндү алып, тексттеги пунктуацияга көнүл буруп айтып бергиле | 2 |
| 6. | Белек Солтоноевдин кыргыз тарыхындагы орду жөнүндө айтып бергиле | 4 |
| 7. | “Ар бир кесип ардактуу” эссе.Кептин түрлөрүнө көңүл бургула да, алар жөнүндө айтып бергиле | 2 |
| 8. | Публицистикалык мүнөзгө тиешелүү текст түзгүлө, стилдин түрү жөнүндө айтып бергиле | 2 |
| 9. | Официалдуу жана официалдуу эмес иш кагаздары жөнүндө айтып бергиле | 2 |
| 10. | Сенин кесибинде сан атоочтордун түрлөрү кездешеби? Болсо алар жөнүндө айтып бер | 2 |
| 11. | Ч.Айтматовдун чыгармаларындагы адамзат темасы сага кандай таасир этти? | 4 |
| 12. | Төл жана бөтөн сөз деген эмне? | 2 |
| 13. | Кесибиңердеги терминдер жөнүндө айтып бергиле | 2 |
| 14. | Тест | 30 |

| | | |
|---|---|---|
| 15. | СРС | 25 |
| 16. | Бардыгы | 100 |

**СТУДЕНТТЕРДИН ӨЗ АЛДЫНЧА ИШТӨӨСҮ**

Студенттердин өз алдынча иштөөсү окуу процессинин составдык бөлүгү болуп саналат жана окутуучу тарабынан берилген тапшырмаларды өз алдынча чечүү, адабияттар менен иштөө көндүмдөрүн өнүктүрүү максатын көздөйт. Баалоо: диагностикалык, мотивациялык жана баалоо түрүндө болот. Окутуучу семестрдин башында ар бир студентке жекече тапшырма берет. Студент семестр ичинде өз алдынча адабияттарды карап чыгып, коюлган маселени чечүү үчүн реферат, көнүгүү иштерин жазат. Коюлганмаселенитуураjана так аткарган студент тиешелүү балл алаалат.

Жалпы баага ээ болуу үчүн студент төмөндөгү компетенттерге ээ болусу керек:

- Практикалык сабактардан калбай катышуусу үчүн 10 балл
- Берилген тапшырмаларды убагында аткаргандыгы үчүн 10 балл
- Сабакта активдүү катышкандыгы үчүн 10 балл
- Сабакка күнүнө себепсиз калтыргандыгы үчүн 3 баллдан кемитилет
- Тапшырмаларды аткарбагандыгы үчүн3 баллдан кемитилет
- Аягында студент тест жана СӨИ тапшырат

**Студенттердинөзалдынчаиштерининтемалары**

| № | Темалардынаталышы | Сааты |
|---|---|---|
| | **Модуль I** | |
| 1. | Кыргыз тилинин үндүү жана үнсүз тыбыштарына көнүгүү иши | 2 |
| 2. | Өздөштүрүлгөн сөздүктү пайдаланып кесибиңердеги терминдерди карагыла.<br>Көнүгүү иши | 2 |
| | **Бардыгы** | **4** |
| 3. | Фразеологизмдердин түрлөрүн катыштырып эссе | 4 |
| 4. | Кесибиңерге тиешелүү терминдерди пайдаланып официалдуу иш кагазын жазгыла | 4 |
| 5. | “И. Разаков- коомдук ишмер” дилбаян | 6 |
| | | **14** |
| | **Бардыгы** | **18** |
| | **Модуль II** | |
| 6. | Муун. Сөздөрдү муундарга ажыраткыла | 4 |
| 7. | “ Ч.Айтматов- чыгармачылыгы менен дүйнөнү дүңгүрөткөн жазуучу” дилбаян | 4 |
| | **Бардыгы** | **8** |
| 8. | “Ар бир кесип ардактуу” деген темада эссе | 4 |
| 9. | Энциклопедиялык сөздүктү пайдаланып, кесибиңердеги окумуштуулардын өмүр баяны жана чыгармачылыгы жөнүндө реферет жазгыла | 6 |
| | **Бардыгы** | **10** |
| | **Жыйынтыгы** | **36** |

**“Кыргыз тили жана адабияты”**предметибоюнча

Студенттердинөзалдынчаишинин

**ГРАФИГИ**

| Курс | семестр | группа | Окуужумалары | | | | | | | | Бардыгы |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 | |
| Өзалдынчаиштинтемасы | | | 1,2 | 3,4 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | 10 | |
| Сааты | | | 2,2 | 4,4 | 6 | 2 | 4 | 4 | 4 | 4 | 36 |

1- **Практикалык сабак. 2 саат**

**Грамматикалык тема:** Фонетика. Үндүү жана үнсүз тыбыштар
**Лексикалык тема:** “Манас” эпосу- кыргыз элинин көөнөрбөс мурасы
**План:** 1. Фонетика илими. Үндүү жана үнсүз тыбыштар жөнүдө маалымат
2. “Манас” эпосунун кыргыз элинин жашоосудагы орду жөнүндө түшүнүк алуу
3. “Манас” эпосунан үзүндү окуу.
4. Текст менен иштөө
5.Көнүгүү аткаруу
**Негизги түшүнүктөр**: Фонетика, тамга, тыбыш, алфавит, эпос, мурас, трилогия, энциклопедия, осуят, идеология
**Адабияттар:**


1.А. ЖапаровКыргызтилининсинтаксиси Ф., 1979.
2.А. ИмановКыргыз тили. Синтаксис Ф., 1990.
3. А.У. Акынбекова Кыргыз тили Б.; 2014
4. С. Үсөналиев Кыргыз тилинин справочниги; 2010
5. Т.С. Маразыков Тексттин стилдик түзүлүшү Б.; 2013


**Сабактын түрү**: жаңы теманы өтүү
**Сабактын максаты:** Фонетика илими жөнүндө жалпы маалымат берүү.
Фонетиканын изилдөө обьектиси менен тааныштыруу, тексттен үндүү жана үнсүз тыбыштарды табуу. мекенчилдикке тарбиялоо
**Сабакта колодонуучу каражаттар**: китептер, буклеттер, таркатма материалдар
**Сабактын жүрүшү:** уюштуруу.тапшырманы суроо жана бышыктоо,
**Жаны тема.** Тема боюнча аңгеме куруу. Тексттен окуу
Көнүгүү: Тексттен тыбыштаргды аныктоо.
Бышыктап, үйгө тапшырма берүү

Кыргыз тилинде 36 тамга, 39 тыбыш жана 39 фонема бар. Алгач тыбыш, тамга, фонеманын табиятын түшүнүп, андан соң эмне үчүн мындай сан жагынан айырма боло тургандыгына келебиз. **Тыбыш - сөздөрдү айтканда кулакка угулган айрымайрым үндөр.** Тыбыштарды угабыз, бирок көрбөйбүз. Мисалы, турмуш деген сөздү алсак, ал кулакка угулган айрым [т], [у], [р], [м], [у], [ш]1 деген 6 тыбыштан куралган. Тыбыштар сүйлөө органдарынын кыймылына жараша пайда болот, б.а. тыбыш жасоодо өпкөдөн чыгып келе жаткан аба ооз көңдөйүндө жолтоого учурабаса үндүү тыбыштар - [а], [о], [э], [и] ж.б., ал эми ооз көңдөйүндө ар кандай жолтоолукка учураса, үнсүз тыбыштар - [к], [м],

[р], [с] ж.б. пайда болот. Бардык эле тамга тыбышты билдирбейт, же тескерисинче кыргыз тилиндеги бардык тыбыштардын өзүнө тиешелүү тамгасы жок. (Бул көрүнүш кыргыз алфавитиндеги такталууга муктаж болгон маселелердин бири.) **Тамга - тилдеги тыбыштарды белгилөө үчүн кабыл алынган шарттуу белги.** Мисалы, [а] тыбышы үчүн - а тамгасы, [й] жана [а] тыбыштары үчүн - я тамгасы, [р] тыбышы үчүн - р тамгасы кабыл алынган Кыргыз тилинде 36 тамга бар.

**“Манас” эпосу**

Адамзаттын агып турган тиричилиги дайыма болочокко багытталганы менен, өткөн тажрыйбасы — анын түпкү күлазыгы, таянган тоосу, келечек урпактарга энчилеген мурасы. Мунсуз коомдук жана маданий турмуштун уланышы мүмкүн эмес. Бул аныктама эң оболу сөз табиятына таандык. «Өнөрдүн алды кызыл тил» деп илгеркилер бекер айтпаса керек. Чоң кеменгерлик менен айтылган нерсе — эмне гана болбосун, адам тарабынан жасалган ар бир кыймыл, аракет, бүткөн иш жана чектелген максат алды менен адамдын аң-сезиминен даярдалып чыгат. Сөздөн, ойдон башталып, адамдын ар түркүн жетишкени тажрыйба катары кайра ойго, сөзгө келип бекемделет, аң-сезимди байытат.

Элдин генийинен жаралган көркөм сөз өнөрүнүн не бир асыл заттары байыркы туңгуюктан бери карай оор, узак сапар тартып, өзүнүн наристе нукуралык сапатын коротпой, биздин күнгө жетип, бүгүнкү күндүн реалдуу көрүнүш катарында кабыл алынат. Мындай баа жеткис асыл зат өткөн маданий эстеликтин чегинен чыгып, түз эле азыркы учурдун талабына шаймашай жооп берген жандуу эстетикалык кубулуш катарында элдин реалдуу руханий асылдыктарына келип кошулат. Кыргыз элинин улуу мурасы — эпикалык традициясы мына ушундай баа жеткис руханий байлыкка жатат.

**Тапшырма (тekстеги тыбыштарды жана тамгаларды аныктагыла)**

**Кыргыз эли**

Байыркы кыргыздар жөнүндөгү эң биринчи жана негизги маалыматтарды кытайдын байыркы жазуу эстеликтери билдирет. Муну менен катар байыркы түрк, кыргыз, араб, перси жазуулары, о.э. 18 кылымдан баштап, орус тарыхчылары да кыргыздар жөнүндөгү маалыматтарды берген.
Ири тарыхчы, академик В.Бартольд: “Кыргыздар Орто Азиянын эң байыркы элдеринин катарына кирет. Азыркы убакта Орто Азияда турган элдердин ичинен кыргыздар сыяктуу аты тарыхта эрте учураган бир да эл жок болсо керек”,- деп жазган.
Кыргызда жөнүндөгү эң биринчи маалымат кытайдын тарыхчысы Сымацындин биздин эрага чейинки 99-жылы жазган “Тарыхый каттар” деген китебинде айтылган. Анда кыргыздар биздин эрага чейин экинчи кылымда эле Гегүнь (кыргыз) империясына бириккен, Сибирдеги Енисейдин баш жагында орношкон эл деп баяндалат.
Тарыхта кыргыздар 9-10 кылымдын ортосунда ири мамлекет болуп тургандыгы айтылат. Ушул мезгилде кыргыздардын маданияты бир кыйла жогорулайт. Бул учурда алардын соода-сатыгы күчтүү болуп, өздөрүнүнү жазуусу болгон. Академик Бартольд кыргыздардын 9-10 кылымдын ортосундагы учурун “Кыргыздардын улуу мамлекеттик доору” деп айтат.
**Тапшырма.** “Манас” эпосунун энциклопедиясы деген темада эссе жазуу

**2- Практикалык сабак. 2 саат**

**Грамматикалык тема:** Кыргыз лексикографиясы
**Лексикалык тема:** “Манас” эпосунун жети осуяты
**План:**1 Сөздүктөр жөнүндө жалпы маалымат
2. Сөздүктөрдүн түрлөрү
3. “Манас” эпосундагы жети осуят
4. Текст менен иштөө
5.Көнүгүү аткаруу

**Негизги түшүнүктөр**: Сөздүктөр, энциклопедия, лингвистика, котормо, этимология, фразеология, синоним, терминология, осуят, ариет, атуул, мамлекет, табият, көз карандысыздык, дөөлөт, илим, билим
**Адабияттар:**


1.А. ЖапаровКыргызтилининсинтаксиси Ф., 1979.
2.А. ИмановКыргыз тили. Синтаксис Ф., 1990.
3. А.У. Акынбекова Кыргыз тили Б.; 2014
4. С. Үсөналиев Кыргыз тилинин справочниги; 2010
5. Т.С. Маразыков Тексттин стилдик түзүлүшү Б.; 2013


**Сабактын түрү**: жаңы теманы өтүү

**Сабактын максаты:** Кыргыз лексикографиясы тууралуу маалымат берүү.**Сабакта колодонуучу каражаттар**: китептер, буклеттер, таркатма материалдар

**Сабактын жүрүшү:** уюштуруу.тапшырманы суроо жана бышыктоо,

**Жаны тема.** Тема боюнча аңгеме куруу. Создүктөрдүн түрлөрү менен көнүгүү иштөө.

**Сөздүктөр** бүгүнкү күндүн деңгээлинде камтыган материалына, алардын шөкөттөлүшүнө, ошону менен катар маалыматтарына, берген аныктамаларга жана талабы менен мүнөзүнө, алдына койгон илимий-практикалык максаттарына, милдеттерине жана канчалык даражада бүгүнкү күндөгү илимдеги жаңылыктарды чагылдыра алгандыгы, бул багыттагы салттуулукту сактоо менен сөздүк түзүү ишиндеги илимий-теориялык жетишкендиктерди пайдаланып, турмушка жакын, турушуна ылайык реализациялай билишине карай төмөндөгүдөй типтерге бөлүнөт: I. Энциклопедиялык сөздүктөр (же энциклопедиялар). II. Филологиялык (же лингвистикалык) сөздүктөр. III Ономастикалык сөздүктөр. IV.Терминологиялык-тармактык сөздүктөр. V.Аймактык (чөлкөм таануу багытындагы) сөздүктөр. Сөздүктөрдүн типтери түрлөргө, түрлөрү тармактарга ажырайт. Жалпы эле сөздүктөргө таандык жаңылыктар менен бирге ар бир сөздүктүн (анын тибине жана түрүнө карабастан) камтыган материалына, түзүлүш принцибине (принциптерине), алдына койгон максаты менен милдетине жараша өзгөчөлүгү (өзүнчөлүгү) болот жана ошондой эле ар кандай сөздүктүн материалын улуттук (же лексикографиялык) фонду (картотека) түзөт. Камтыган материалына, анын ырааттуулугуна жана түшүндүрүү потенциалына (автордук ар түрдүүлүк менен жөндөмдүүлүктөрүнө), арнаганбагытталган окурманына карай сөздүк академиялык жана демейдеги (академиялыкка караганда жөнөкөйлөтүлгөн) болуп бөлүнөт. Ошондой эле убакыттын (мезгилдин) агымы (же өтүшү) мейкиндиги бөтөнчө синхрондуу, тарыхый сөздүктөр; тилдердин саны боюнча кош (эки) тилдүү, көп тилдүү; материалынын жайгашуусу (орун алышына карай); тескери (кери), аналогиялык; көлөмүнө карай: чоң, кичине, чөнтөк, чоң (олчойгон) болуп бөлүнөт.

Көнүгүү: Тексттен сөздөрдүн этимологиясын аныктөө.
Бышыктап, үйгө тапшырма берүү
**Боз үй**
Боз үй- кыргыз элинин байыркы мезгилден бери колдонулуп келе жаткан турак жайы. Ал-элдин жашоо-шартына ылайыкталган, жөнөкөй, жеңил, көчүп-конууга жана тигип-чечүүгө ыңгайлуу, көркөм үй. Аны чечип бүктөп койсо, бир төөлүк гана жүк болот. Тигип койсо, адам жашай турган үйгө айланат. Боз үйдө урулган бир да мык жок. Дасыккан уста боз үйдүн жыгачын жыйырма беш күндө жасайт. Боз үй болсо чейрек кылым чыдайт.
Боз үй негизинен жыгач, кийиз, чий, боо-чуудан турат.
Боз үйдүн бардык касиеттерин бириктирип, аны үй катары кармап турган борбор-бул түндүк алдындагы от жагылуучу коломто. Коломтодон ары, босогонун карама-каршысында сандык коюлуп, такта орнотулуп, килем-килче, шырдак, ала-кийиз, жууркан-

төшөк жана башкалар жыйылат. Жүк алды төр болот, анда аксакалдар, сыйлуу меймандар олтурат. Төрдүн оң жагы-чыгдан, ашкана-эпчи жак, сол жагы-эр жак (ыпча). Эр жактагы керегеде ат жабдыктар, эркекке тийиштүү аспаптар, буюмдар илинет. Эпчи жагына аялдардын буюмдары коюлат жана чыгдан (ашкана чий) тартылып, анын ичинде тамак-аш, идиш-аяк сакталат.
Боз үйдүн жасалгасы элибиздин улуттук кол өнөрчүлүгүнүн бай казынасын, элдин маданиятынын негизин түзөт.
**Тапшырма:** түшүндүрмө сөздүктү пайдаланып сөздөрдү карап чыккыла

**3- Практикалык сабак. 2 саат**
**Грамматикалык тема:** Орфография. Анын эрежелери
**Лексикалык тема:** Кыргыз элинин макал-лакаптары
**План:** 1. Орфография жөнүндө түшүнүк
2.Орфографиянын эрежелери
3. Кыргыз элинин макал-лакаптары. Алардын маанилери
4. Көнүгүү иштери
**Негизги түшүнүктөр**: Орфография, эреже, норма, ташымал, муун, сызыкча, энчилүү ат, жалпы ат, аббревиатура, бирикккен сөз
**Адабияттар:**

1.А. ЖапаровКыргызтилининсинтаксиси Ф., 1979.
2.А. ИмановКыргыз тили. Синтаксис Ф., 1990.
3. А.У. Акынбекова Кыргыз тили Б.; 2014
4. С. Үсөналиев Кыргыз тилинин справочниги; 2010
5. Т.С. Маразыков Тексттин стилдик түзүлүшү Б.; 2013

**Сабактын түрү**: жаңы теманы өтүү
**Сабактын максаты:** Орфорграфиянын эрежелерин окуу.
**Сабакта колодонуучу каражаттар**: китептер, буклеттер,слайд,таркатма материалдар
**Сабактын жүрүшү:** уюштуруу.тапшырманы суроо жана бышыктоо,
**Жаны тема.** Тема боюнча аңгеме куруу. Тексттен окуу
Бышыктап, үйгө тапшырма берүү
Слайд менен жаңы теманы түшүндүрүү

**Макалдар**
Жакшы сөз таш эритет,
Жамансөз жан кейитет.
Ойлобой сүйлөгөн онтобой өлөт.
Акылсызды үйрөтүү-
Түбү жок челекке суу куйгандай.
Тил узундун акылы кыска.
Миң сөз айтканча, бир ишти кыл.
Сөздү көп сүйлөсө, тантык болот,
Сууну көп кечсе, чалчык болот.
Ойноп сүйлөсөң да, ойлоп сүйлө.
Жаакташкан дос болбойт.

Акыл айтканды баары билет.
Ар ким өзүн акылдуу ойлойт.
Башта өзүң үйрөн, анан башканы үйрөт.
Тил-топчусуз,
Ооз-ачкычсыз.
Тиши чыккан балага чайнап берген аш болбойт.
Куру сөз курсак тойгузбайт.
Адамзатты сөз бузат,
Тоону, ташты сел бузат.

**4- Практикалык сабак. 2 саат**
**Грамматикалык тема:** Муун, анын түрлөрү
**Лексикалык тема:** Кыргыз элинин элдик оозеки чыгармачылыгы
**План:** 1. Муун, анын түрлөрү
2. Кыргыз элинин элдик оозеки чыгармачылыгы. Фольклор жөнүндө түшүнүк. Жомоктор, насыят ырлар, жаңылмачтар ж.б.
3. Көнүгүү иштөө
**Негизги түшүнүктөр**: Муун. Ачык муун, жабык муун, туюк муун, фольклор, жомок, дастан, макал, уламыш, ыр, эпос
**Адабияттар:**


1.А. ЖапаровКыргызтилининсинтаксиси Ф., 1979.
2.А. ИмановКыргыз тили. Синтаксис Ф., 1990.
3. А.У. Акынбекова Кыргыз тили Б.; 2014
4. С. Үсөналиев Кыргыз тилинин справочниги; 2010
5. Т.С. Маразыков Тексттин стилдик түзүлүшү Б.; 2013


**Сабактын түрү**: жаңы теманы өтүү

**Сабактын максаты:** Муундун түрлөрү жөнүндө маалымат берүү.

**Сабакта колодонуучу каражаттар**: китептер, слайд,буклеттер, таркатма материалдар

**Сабактын жүрүшү:** уюштуруу.тапшырманы суроо жана бышыктоо,

**Жаны тема.** Тема боюнча аңгеме куруу. Слайд. Тексттен окуу
Бышыктап, үйгө тапшырма берүү

Кеп агымында айтылуучу эң кичине бирдик болуп **муун** эсептелет. Себеби кепти айтканда айрым тыбыштарга ажырабастан, бири-биринен тыным аркылуу бөлүнүп турган, артикуляциялык жактан ажырабас бек бирдикти түзгөн муунга гана ажырайт. Кеп агымынын муунга бөлүнүшү дем алуу жана дем чыгаруу процесси менен, б.а. көөдөн булчуңунун жыйрылуу жана бошоо процесси менен байланыштуу түшүндүрүлөт. Демек, муун деп бир жолку дем чыгаруу менен айтылган бир же бир нече тыбыштардын жыйындысын айтабыз. **Кыргыз тилинде да башка түрк тилдери сыяктуу муун үндүү тыбыштарсыз уюшулбайт**. Сөздөгү муундун саны ушул тыбыштардын санына жараша болот. Үндүү тыбыш жеке туруп да, үнсүз тыбыш менен айкашып келип да муун жасайт. Мисалы: а-па, ү-мүт, жер, мек-теп, кант ж.б. Созулма үндүүлөр бир гана муунду түзөт. Алсак, суу, туу-ра, сү-йүү, тоок, саат, ээр, төө, мээ-нет, көө-көр ж.б. Йоттошкон тамгалар өз алдынча муун түзүшөт: чи-йе (чие), а-йак (аяк), ко-йон (коен), су-йук (суюк). ь жана ъ белгилери өзүнөн мурунку муунга тиешелүү болуп айтылат: разъ-езд, подъ-езд, кон-суль-та-ци-я ж.б. Кыргыз тилинин төл сөздөрүндө муун бирден төрткө чейинки тыбыштан түзүлөт.
**Көнүгүү. Сөздөрдү муундарга ажыраткыла**. Муундун тибин жана түрүн аныктагыла. Илим менен билимге көпүрө - тил, Көкөлөткөн адамды тили деп бил. Тил адамды бакытка бөлөп салат, Тил адамды шорлотот, башын алат. Тил-арстан босогоңдо комдогон, Бошоп кетсе - өзүңдү да жеп койгон. Эсиңе түй, тили заардын айтканын, Болсун сенин сабырдуулук адатың. Орундуу сөз акыл-эстен от алат, Орунсуз сөз ийининден баш алат

**Кыргыз элдик оозеки чыгармачылыгы.**

**Табышмактарды тапкыла**
Томолотсо жаны жок,
Кескилесе каны жок.
Бышырсаң- аш,
Бышырбасаң-куш.

Баштыкка сүзүп айранды,
Күнгө жайып кургатам.
Эңсеп келген адамга
Бир- экиден кургатам.

**Жаңылмачты тез-тез айткыла**
Бул кай каймак?
Бул бал каймак, бул камкаймак
Бал каймакты камкаймакка кошоюн,
Камкаймакты балкаймакка кошоюн

**Тапшырма**: тексттен муундун түрлөрүнө карата талдоо

5- **Практикалык сабак. 2 саат**

**Грамматикалык тема:** Басым
**Лексикалык тема:** Кыргыз элинин каада-салт ырлары
**План**:1. Басым жөнүндө түшүнүк
2. Кыргыз тилиндеги басымдын орду
3. Кыргыз элинин каада-салт ырларынын мааниси, көркөм окуу
4.Көнүгүү аткаруу
**Негизги түшүнүктөр** Басым, логикалык, фразалык, квантативдик, сандык, динамикалык, муун, агглютнация, флективдүү
**Адабияттар:**

1.А. ЖапаровКыргызтилининсинтаксиси Ф., 1979.
2.А. ИмановКыргыз тили. Синтаксис Ф., 1990.
3. А.У. Акынбекова Кыргыз тили Б.; 2014
4. С. Үсөналиев Кыргыз тилинин справочниги; 2010
5. Т.С. Маразыков Тексттин стилдик түзүлүшү Б.; 2013

**Сабактын түрү**: жаңы теманы өтүү
**Сабактын максаты:** Кыргыз тилин басымы жөнүндө маалымат берүү. Слайд
**Сабакта колодонуучу каражаттар**: китептер, буклеттер, таркатма материалдар
**Сабактын жүрүшү:** уюштуруу.тапшырманы суроо жана бышыктоо,
**Жаны тема.** Тема боюнча аңгеме куруу. Тексттен окуу
Бышыктап, үйгө тапшырма берүү

**Тапшырма (Тексттен сөздөрдүн басымдарын аныктагыла)**

**Кыргыз элинин улуттук тамак-аштары**

Башка элдер сыяктуу эле кыргыз элинин да муундан-муунга өтүп сакталып калган элдик оозеки чыгармалары, күүлөрү, кол өнөрчүлүктөрүнүн эмгектери бар. Ошолордун эле катарында кыргыз элинин улуттук тамак-аштарын да кошсок болот.
Башбармак, Казы-карта, чучук, куурдак, быжы, жөргөм, олобо, кымыз, курут, чалап, жарма, максым, боорсок, каттама.
Кыргыз эли өзүнүн меймандостугу менен белгилүү. Кенлген меймандарды кучагын тосуп алып, мейманды төрүнө отургузуп, мал союп, дасторконун кенен жайып сыйлашат. Дасторкондун үстүнө токоч, боорсок, каймак, май, каттама ж.б. коюшат да эң аягында бешбармак берилет. Кыргыздардын тамак берүү салты боюнча меймандарга бышырылган эт устукандалып берилет. Этти устукандоо адамдардын жашына, урматына жараша жүргүзүлөт.

- Кыргыз элинин каада- салттары жөнүндө ойлорун бөлүшүү. Сүрөткө түшүрүлгөн каада-салт майрамдык кечелерге карап сүйлөм түзүү

**6- Практикалык сабак. 2 саат**

**Грамматикалык тема:** Кыргыз лексикасынын сөздүк фонду
**Лексикалык тема:** Манасчылар
План: 1. Лексика жөнүндө жалпы түшүнүк
2. Кыргыз лексикасынын сөздүк фонду
3. Сөз жасоонун жолдору
4. Манасчылардын өмүр баяны жөнүндө таанышуу
5.Көнүгүү аткаруу
**Негизги түшүнүктөр:** Лексика, сөздүк фонд, лексикология, өздөштүрүлгөн сөз, лексикограф, семантикалык жол, морфологиялык жол, синтаксиситик жол, манасы, жомок, айтууч, эпос
**Адабияттар:**

1.А. ЖапаровКыргызтилининсинтаксиси Ф., 1979.
2.А. ИмановКыргыз тили. Синтаксис Ф., 1990.
3. А.У. Акынбекова Кыргыз тили Б.; 2014
4. С. Үсөналиев Кыргыз тилинин справочниги; 2010
5. Т.С. Маразыков Тексттин стилдик түзүлүшү Б.; 2013

**Сабактын түрү**: жаңы теманы өтүү

**Сабактын максаты:** Кыргыз лексикасынын баюу жолдору жөнүндо маалымат берүү.

**Сабакта колодонуучу каражаттар**: китептер, буклеттер, таркатма материалдар

**Сабактын жүрүшү:** уюштуруу.тапшырманы суроо жана бышыктоо,

**Жаны тема.** Тема боюнча аңгеме куруу. Тексттен ички булактар аркылуу баюу жолуна карай создөрду тапкыла.

Бышыктап, үйгө тапшырма берүү

**Табышмактарды тапкыла**

Томолотсо жаны жок,
Кескилесе каны жок.
Бышырсаң- аш,
Бышырбасаң-куш.
Баштыкка сүзүп айранды,
Күнгө жайып кургатам.
Эңсеп келген адамга
Бир- экиден кургатам.

**Жаңылмачты тез-тез айткыла**

Бул кай каймак?
Бул бал каймак, бул камкаймак
Бал каймакты камкаймакка кошоюн,
Камкаймакты балкаймакка кошоюн.

Тапшырма: сөздөрдүн баюу жолдоруна мисал жазып келүү

**7-практикалык сабак. 2 саат**

**Грамматикалык тема:** Фразеологизмдердин кепте колдонулушу
**Лексикалык тема:** “Манас” эпосу жана Ч. Айтматов
План: 1. Фразеологизмдер жөнүндө түшүнүк
2. Фразеологизмдердин түрлөрү
3. Фразеологизмдерди кепте колдонуу

4. Ч.Айтматовдун чыгармаларында “Манас” эпосу жана С.Каралаевдин орду жөнүндө
5.Көнүгүү аткаруу

**Негизги түшүнүктөр:** Фразеологизм, бирдик, тизмек, айкаш, эпос, трилогия, феномен, чыгарма

**Адабияттар:**


1.А. ЖапаровКыргызтилининсинтаксиси Ф., 1979.
2.А. ИмановКыргыз тили. Синтаксис Ф., 1990.
3. А.У. Акынбекова Кыргыз тили Б.; 2014
4. С. Үсөналиев Кыргыз тилинин справочниги; 2010
5. Т.С. Маразыков Тексттин стилдик түзүлүшү Б.; 2013


**Сабактын түрү**: жаңы теманы өтүү

**Сабактын максаты:** Фразеологизмдер жөнүндө маалымат берүү.

**Сабакта колодонуучу каражаттар**: китептер, буклеттер, таркатма материалдар

**Сабактын жүрүшү:** уюштуруу.тапшырманы суроо жана бышыктоо,

**Жаны тема.** Тема боюнча аңгеме куруу. Тексттен окуу

Бышыктап, үйгө тапшырма берүү

**ФРАЗЕОЛОГИЯ**

Фразеология грektin < phraseos- “айтылыш” + logos – “окуу, илим” деген сөздөрүнөн алынган, б.а., нускалуу сөздөр, алардын курамы, мааниси, колдонулушу тууралуу лексикология илиминин бир тармагы. Фразеологизмдер эркин сөз айкашынан төмөнкү белгилери менен айырмаланат: 1. Курамы боюнча 2 (эки) же андан ашык сөздөрдөн турат; 2. Курамындагы сөздөрдүн орун-тартиби, синтаксистик байланышы жагынан дээрлик туруктуу болот; 3. Курамындагы бардык сөздөр (ал сөздөрдүн семантикалык суммасы) өтмө мааниде колдонулуп, ойдун көркөм (образдуу) болушун шарттайт. 4. Жеке сөз сыяктуу бир гана денотатты туюнтуп, сүйлөмдө анын бир мүчөсүнүн милдетин аткарат. 5. Синтаксистик объектиси эмес, толук маанилүү сөз түрүндө лексикологиялык категория катары каралат

**“Манас” эпосу жана Ч.Айтматов**

Кыргыз калкы нечен кылымдык тарыхты карытып,айтылуу «Манас» баштаган элдик оозеки чыгармачылыктын эн сонун улгулорун жаратып,аларды кийинки муунга мурас катары калтырып келишкен.Ал кенчтер мурас катары адамдын ан –сезиминде гана жашап кала бербестен,кыргыз маданиятынын,адабиятынын пайда болушунун жана калыптанышынын негизги булагы болуп саналган. «Манас» эпосу Ч.Айтматовдун жан дуйносуно балалык мезгилде эле синген.Жазуучунун чон энеси Айымкан, эжеси Карагыз жомоктор,элдик ырлар ,уламыштар макал-лакаптар,дастандардын озунчо бир кенчи боло турган.Чон энелерин ээрчип жайлоодо тоо-тоолоп журот,айыл-ападагы той-тамашаларды корот,элдин урп-адатын,уй-булолук салтын билип,ар бир кыргыз баласы сыяктуу ариб тааный электе «Манас» баштаган эн асыл мурастарды угуп,таалим алып,корком дуйнонун укмуштуудай сыйкырдуу касиетине аралашат.Таластан биринчи ирет манасчынын унун уккандыгын жазуучу эскерген.Чолпонбай,Дуйшонкул сыяктуу баатырлардын эрдигин оз элин ,жерин жоо душмандардан коргогон Манаска салыштырышып ыйык тутуп,оздорун да баатырлардай сезишип,бири-бирине ант берген балалык кундор коп эле болгон. «Манастын» духу менен турмуштагы болгон кыйынчылыктарды,азап-тозокторду которуп,женишке умтулуп келишкен.

**Тапшырма:** Тексттен фразеологизм создөрдү таап, аларга мүнөздөмө бергиле

**8-практикалык сабак. 2 саат**

**Грамматикалык тема:** Орфоэпиянын нормалары
**Лексикалык тема:** Ч. Айтматовдун "Гүлсарат" повестиндеги адам жана коомдун берилиши
План: 1. Орфоэпия жана анын нормалары жөнүндө маалымат
2. Ч.Айтматовдун "Гүлсарат" повестинин мазмуну менен таанышуу
3. "Гүлсарат" чыгармасындагы адам жана коомдун чагылышы
4.Көнүгүү аткаруу
**Негизги түшүнүктөр**Орфоэпия, норма, принцип, адабий тил, говор, диалект, повесть, коом, инсан, калыптануу
**Адабияттар:**

1.А. ЖапаровКыргызтилининсинтаксиси Ф., 1979.
2.А. ИмановКыргыз тили. Синтаксис Ф., 1990.
3. А.У. Акынбекова Кыргыз тили Б.; 2014
4. С. Үсөналиев Кыргыз тилинин справочниги; 2010
5. Т.С. Маразыков Тексттин стилдик түзүлүшү Б.; 2013

**Сабактын түрү**: жаңы теманы өтүү

**Сабактын максаты: "**Манас" эпосундагы поэтика. Эпостогу уйкаштыктар ж.б. Эпостогу поэтикалык каражаттар менен тааныштыруу, аларды тексттен табуу. мекенчилдикке тарбиялоо

**Сабакта колодонуучу каражаттар**: китептер, буклеттер, таркатма материалдар

**Сабактын жүрүшү:** уюштуруу.тапшырманы суроо жана бышыктоо,

**Жаны тема.** Тема боюнча аңгеме куруу. Тексттен окуу

Бышыктап, үйгө тапшырма берүү

**9- пактикалык сабак. 2 саат**
**Грамматикалык тема**: Сөздүн тутуму
**Лексикалык тема:** А.Осмоновдун өмүрү жана чыгармачылыгы
План: 1. Лекика жөнүндө түшүнүк
2. Сөздүн тутуму. Уңгу жана мүчө
3. А.Осмоновдун өмүр жолун окуу
4. Акындын ырларынан көркөм окуу
5.Көнүгүү аткаруу
**Негизги түшүнүктөр:** Сөз, сөздүн тутуму, уңгу, мүчө, сөз жасоочу, сөз өзгөртүүчү, форма жасоочу, туунду уңгу, туубаса уңгу
**Адабияттар:**

1.А. ЖапаровКыргызтилининсинтаксиси Ф., 1979.
2.А. ИмановКыргыз тили. Синтаксис Ф., 1990.
3. А.У. Акынбекова Кыргыз тили Б.; 2014
4. С. Үсөналиев Кыргыз тилинин справочниги; 2010
5. Т.С. Маразыков Тексттин стилдик түзүлүшү Б.; 2013

**Сабактын түрү**: жаңы теманы өтүү

**Сабактын максаты: "**Манас" эпосундагы поэтика. Эпостогу уйкаштыктар ж.б. Эпостогу поэтикалык каражаттар менен тааныштыруу, аларды тексттен табуу. мекенчилдикке тарбиялоо

**Сабакта колодонуучу каражаттар**: китептер, буклеттер, таркатма материалдар

**Сабактын жүрүшү:** уюштуруу.тапшырманы суроо жана бышыктоо,

**Жаны тема.** Тема боюнча аңгеме куруу. Тексттен окуу

Бышыктап, үйгө тапшырма берүү

**Дасторкон**

Элибизге мейман келсе, жайылат ак дасторкон.
Дүйүм тамак: шербет, мейиз, анар, алма жык толгон.

Кыргыз пейли тоодой бийик, көлдөй терең туптунук
Колдо барын төгүп-чачып аябастан дасторкон.

Дасторконум, дасторконум
Күлкү болсун, ыр болсун,
Бабалардан мурас калып,
Келе жатат бул жоосун.
Элге –жерге берсин бакыт
Кут төгүлгөн береке.
Умай эне, Теңир ата
Урпактарын колдосун.

Дасторкондун даамын сызып, жарык кылып көңүлдү.
Ынтымактын сөзүн сүйлө, болсун элим өмүрлүү.
Намысыңды дасторкондой кирсиз таза сактагын
Арам ойлуу адам келсе тебелетпе төрүңдү.

**10- практикалык сабак. 2 саат**
**Грамматикалык тема**: Зат атооч сөздөр
**Лексикалык тема:** Ч.Айтматовдун "Биринчи мугалим" чыгармасы
План: 1. Зат атооч жөнүндө түшүнүк
2. Зат атоочтун лекико-грамматикалык маанилери жөнүндө маалымат
3. Ч. Айтматовдун "Биринчи мугалим" чыгармасынын мазмунун менен таанышуу
4. Мугалим Дүйшөндүн образына көркөм анализ берүү
5.Көнүгүү аткаруу
**Негизги түшүнүктөр**:Зат атооч, абстрактуу, жалпы ат, конкреттүү, энчилүү ат, адамзаттык , адамзаттык эмес, категория, жак категориясы, сан категориясы, жөндөмө категориясы, жеке, көптүк, мугалим, партия, коммунист, бай-манап, большевик
**Адабияттар:**

1.А. ЖапаровКыргызтилининсинтаксиси Ф., 1979.
2.А. ИмановКыргыз тили. Синтаксис Ф., 1990.
3. А.У. Акынбекова Кыргыз тили Б.; 2014
4. С. Үсөналиев Кыргыз тилинин справочниги; 2010
5. Т.С. Маразыков Тексттин стилдик түзүлүшү Б.; 2013

**Сабактын түрү**: жаңы теманы өтүү
**Сабактын максаты:** зат атооч создөрдүн грамматикалык маанилери менен таанышуу
**Сабакта колодонуучу каражаттар**: китептер, буклеттер, таркатма материалдар
**Сабактын жүрүшү:** уюштуруу.тапшырманы суроо жана бышыктоо,
**Жаны тема.** Тема боюнча аңгеме куруу. Тексттен окуу
Бышыктап, үйгө тапшырма берүү

Зат жөнүндө билгизип, жөндөмө, сан, таандык, жак менен өзгөргөн, сүйлөмдүн ар кайсы мүчөсү боло алган, ким? эмне? кимдер?эмнелер?деген суроолорго жооп берген сөз түркүмү **зат атооч деп аталат.** Зат атоочтор: абстрактуу, конкретүү, жалпы ат,энчилүү ат, жандуу жана жансыз болот Категориялары: сан,жак, таандык, жөндөмө

Заттын сын-сыпатын, өңүн -түсүн, белгисин, көлөмүн, даамын көрсөтүп, кандай?кайсы? деген суроолорго жооп берген сөз түркүмдөрүн **сын атооч** дейбиз. Мисалы:

Оозу жаман, айылды булгайт, өтүгү жаман төрдү булгайт**.** Сын атоочтор катыштык жана сапаттык болуп бөлүнөт.

**Окугула**

Орто Азияда жашаган элдердин эң байыркысы кыргыздар экендиги тарыхта белгилүү. Муну менен катар алар илгертен эле жоокер эл болгон. Алар өз жашоо тарыхында нечен күчтүү баскынчы душмандардан эли-жерин, Ата мекенин, ал тургай коңшулаш жашаган калктарды да коргоп, далай кандуу майдандарда согушка катышып, нечен татаал жолдорду басып өткөн. Ошону менен катар өз биримдигин, үрп-адатын, салтын, кылымдар бою түзүлгөн маданиятын көөнөртпөй сактаган. Ушундай жоокерчилик замандагы кыргыздын элдик оюндарынын ичине жамбы атмай, оодарыш, балбан күрөш, улак тартыш, кан таламай, ордо, ат чабыш сыяктуу улуттук оюндар кирет.

**11-практикалык сабак. 2саат**
**Грамматикалык тема:** Сын атоочтун даражалары
**Лексикалык тема:** С.Эралиевдин өмүр жолу
План: 1. Сын атооч жөнүндө маалымат
2. Сын атоочтун даражалары
3. С. Эралиевдин өмүр баяны. Согуш мезгилиндеги ырлары
4. Жазуучунун чыгармаларынан окуу
5.Көнүгүү аткаруу
**Негизги түшүнүктөр:**Сын атооч, катыштык сын атооч, сапаттык сын атооч, жай, басаңдатма, күчөтмө, салыштырма
**Адабияттар:**

1.А. ЖапаровКыргызтилининсинтаксиси Ф., 1979.
2.А. ИмановКыргыз тили. Синтаксис Ф., 1990.
3. А.У. Акынбекова Кыргыз тили Б.; 2014
4. С. Үсөналиев Кыргыз тилинин справочниги; 2010
5. Т.С. Маразыков Тексттин стилдик түзүлүшү Б.; 2013

**Сабактын түрү**: жаңы теманы өтүү

**Сабактын максаты: "**Манас" эпосундагы поэтика. Эпостогу уйкаштыктар ж.б. Эпостогу поэтикалык каражаттар менен тааныштыруу, аларды тексттен табуу. мекенчилдикке тарбиялоо

**Сабакта колодонуучу каражаттар**: китептер, буклеттер, таркатма материалдар

**Сабактын жүрүшү:** уюштуруу.тапшырманы суроо жана бышыктоо,

**Жаны тема.** Тема боюнча аңгеме куруу. Тексттен окуу

Бышыктап, үйгө тапшырма берүү

**Чокан Валиханов**

Көрүнүктүү фольклорист биринчи жолу 1856-жылы Ысык- Көл өрөөнүн типографиялык картага түшүрүү максатында аскердик экспедиция болуп, кыргызстандын тарыхына, этнографиясына тиешелүү материалдарды о.э. элдик оозеки чыгармачылыктардын үлгүлөрүн жыйнап, анын жыйнаган материалдарынын негизгиси "Манас" эпосунун айрым окуялары м: "Манастын балалык чагы", "Көкөтөйдүн ашы", "Каныкейге үйлөнгөнү" эпизоддору биринчи жолу "Орус географиялык коомунун запискалары" деген журналга "Жунгария очерктери" деген ат менен 1861-жылы жарыкка чыгат.
Ч.Валиханов казактын уулу, орус окумуштуусу.

**12-практикалык сабак. 2 саат**
**Грамматикалык тема:** Ат атооч

**Лексикалык тема:** Кыргыз элинин кенже эпостору
План: 1. Ат атооч жөнүндө түшүнүк
2. Ат атоочтун түрлөрү
3. Кыргыз элинин кенже эпостору: Курманбек, Жаны-Байыш, Саринжи Бөкөй ж.б.
4. Көнүгүү иштөө
**Негизги түшүнүктөр:** Ат атооч, жактама ат атооч, аныктама ат атооч, сурама, тангыч, белгисиз ат атооч
**Адабияттар:**

1.А. ЖапаровКыргызтилининсинтаксиси Ф., 1979.
2.А. ИмановКыргыз тили. Синтаксис Ф., 1990.
3. А.У. Акынбекова Кыргыз тили Б.; 2014
4. С. Үсөналиев Кыргыз тилинин справочниги; 2010
5. Т.С. Маразыков Тексттин стилдик түзүлүшү Б.; 2013

**Сабактын түрү**: жаңы теманы өтүү
**Сабактын максаты: "**Манас" эпосундагы поэтика. Эпостогу уйкаштыктар ж.б. Эпостогу поэтикалык каражаттар менен тааныштыруу, аларды тексттен табуу. мекенчилдикке тарбиялоо
**Сабакта колодонуучу каражаттар**: китептер, буклеттер, таркатма материалдар
**Сабактын жүрүшү:** уюштуруу.тапшырманы суроо жана бышыктоо,
**Жаны тема.** Тема боюнча аңгеме куруу. Тексттен окуу
Бышыктап, үйгө тапшырма берүү
А. Үсөнбаев кыргыз адабиятында ак таңдай акын катары таанылып, эргип ырды жамгырдай төгүп, үстөкко- босток чуурутуп, асыл ойлорду уйкашка салып, буйдалбай таскактаткан акындык чебери бар акын.Табигат тартуулаган акындык талант гана эмес, керемет обон, комузчулук жөндөм, келбет, мүнөз да берилген акын.Мунун баары анын ырларынын поэтикалуулугуна шайкеш келген. А.Үсөнбаевдин чыгармаларынын дээрлик үчтөн бири балдарга арналган. Анын ырлары, тамсилдери, поэмалары, адабий жомоктору балдар адабиятына кошкон баалуу салымы болуп саналат.Анын чыгармаларында балдарды терең билим алууга, ар кыл өнөр, кесипке ээ болууга үгүттөйт. Ал "Иниме" деген ырында таасын берилет:

Чоңойюп, өсүп эр жетип,
Билимдин кенин казасың.
Илимден мунар тургузуп,
Эмгектен үзүр табасың.
Талыкпай окуп, билим ал,
Жаңылык көркүн ачасың.

**13- практикалык сабак. 2 саат**
**Грамматикалык тема:** Сүйлөм жөнүндө түшүнүк
**Лексикалык тема:** К.Тыныстанов алгачкы профессор
План: 1. Сүйлөм жөнүндө түшүнүк
2. Сүйлөмдүн белгилери
3. К. Тыныстановдун кыргыз тил илимине кошкон салымы
4.Көнүгүү аткаруу
**Негизги түшүнүктөр:** Сүйлөм, предикативдүүлүк, жөнөкөй сүйлөм, татаал сүйлөм, профессор, тил илими, морфология
**Адабияттар:**

1.А. ЖапаровКыргызтилининсинтаксиси Ф., 1979.

2.А. ИмановКыргыз тили. Синтаксис Ф., 1990.
3. А.У. Акынбекова Кыргыз тили Б.; 2014
4. С. Үсөналиев Кыргыз тилинин справочниги; 2010
5. Т.С. Маразыков Тексттин стилдик түзүлүшү Б.; 2013

**Сабактын түрү**: жаңы теманы өтүү

| **2-курс** | | | **54** | **-** | **54** | **54** | **54** | **экзамен** |

## Курстун максаты жана милдеттери

Азыркы кыргыз адабий тили-Енисей жазма эстеликтери деп аталган маданий дөөлөттөр жаралган байыркы кыргыз тилинин өркүндөтүлгөн формасы, кыргыз элинин коомдук турмушунун бардык тармактарында толук түрдө колдонуу мүмкүнчүлүгүндө турган улуттук жана мамлекеттик тил.

Миңдеген кылымдарды карыткан кыргыз эли өзүнүн азап-тозогуна карабай, тилин сактап, бапестеп өңүтөрүп, көркөмдүүлүгүн, байлыгын арттырып, ийкемдүүлүгүн, угумдуу жатыктыгын өркүндөтүп келген. Мунун баардыгы негизинен кыргыз тилинин өзүнүн ички мүмкүнчүлүгү, көркөм кудурет күчү аркылуу шартталып, ага таянуу, андан башат алуу менен өнүктүрүлгөн.

Тилдик каражат бирдиктер, аларды колдонуу ыкмалары кыргыз тилинин өзүнүн закон ченемдүүлүктөрү, мүмкүнчүлүктөрү, жеке өзгөчөлүктөрү аны башка тилдерден айырмалап, өзүнө гана тиешелүү тилдик системасынын, структурасынын жана нормасынын калыптанышын шарттады.

Кыргыз тилинин эгемендүү Кыргыз мамлекетинин мамлекеттик тил катары юридикалык өзгөчө укукка ээ болушу ал тилдин ар тараптан өнүгүп, өркүндөшү, өнөктүү тилге айланышы, алды менен анын коомдук турмуштун бардык чөйрөлөрүндө кеңири пайдалануу жана аны илим-билим, таалим-тарбия берүүнүн чыныгы куралына айландыруу менен тикелей байланышкан.

Ошентип азыркы кыргыз тили кыргыз элинин коомдук турмушунда, анын маданияты менен экономикасы , искусствосу менен илим-билиминин өнүгүшүндө олуттуу кызматкылууда. Демек, жогорку жана орто окуу жайларда, мектептерде окуп-үйрөнүүнүн негизи катары кыргыз тилинин зарылдыгы келип чыгат.

“Кыргыз тили жана адабияты” дисциплинасы Б.1.1. жалпы гуманитардык циклдин базалык бөлүгүнө кирет. Бул дисциплина мам.стандарттын негизинде кесиптик орто окуу жайынын күндүзгү бөлүмүнүн  “Педагогика жана башталгыч билим берүү” адистигине

жалпы 90 аудиториялык саат берилген. Анын ичинен 54 саат практикалык саат, 36 саат СӨИге бөлүнгөн.Жыйынтыкточуу экзамендиксыноо менен аяктайт.

"Кыргыз тили жана адабияты" дисциплинасынын **мазмунунда** фонетиканын изилдөө обьектиси, үндүү жана үнсүз тыбыштар, муундун түрлөрү, сөздүн составдык бөлүктөрү, термин, кесиптик лексика, фразеология, синоним, омоним, архаизм, неологизм сөздөр, сөз түркүмдөрү, сүйлөм, сөз айкашы жөнүндө теориялык база берилет. Ошондой эле теориялык темага ылайык лексикалык темаларга кыргыз элинин ырларынан, макал-лакаптарынан, элдик оозеки чыгармачылыгынан, баатырдык жана кенже эпостор менен кыргыз адабиятына белгилүү акын-жазуучулардын чыгармалары берилет.

"Кыргыз тили жана адабияты" дисциплинасынын негизги **максаты** катары студенттерге кыргыз тилинин теориялык курсун өздөштүрүүгө б.а. кыргыз тилинде оозеки жана жазуу түрүндө окуп, жаза билүүгө; теориялык жана практикалык чөйрөдө өз оюн билдирүүгө, анализдеп, синтездөөгө; сөздүктөрдү пайдалануу менен кесибине ылайык терминдерди билүүгө; тандаган кесибинин маанилүү экендигин жана кыргыз адабиятынын элдик оозеки чыгармачылыгынан, "Манас" эпосунан, кыргыз адабиятынын көрүнүктүү акын-жазуучуларынын көркөм чыгармаларындагы каармандардын образдары аркылуу нравалык принциптерди күнүмдүк жашоого ылайык колодоно алууга жардам берет.

**Дисциплинаны өздөштүрүүдө төмөнкү компетенцияларга ээ болот**:

- тандаган кесибинин маанилүү экенидигин билүү; анын келечеги үчүн бардык күч аракети менен талбай окуп-үйрөнүүгө ОК-1;
- алдыга максат коюуга;
- ишмердүүлүгүнө жардам берүүгө;
- сапаттуу билим алуусуна көмөктөшүү ОК-7

**Курстун милдети :**

- Кыргыз тилинде оозеки жана жазуу түрүндө айтып, жаза билүүгө;
- Өз алдынча оюн айта билүүгө;
- Этикага ылайык кепти орду менен колдонууга;
- Теориялык билимдерге ээ болууга;
- Кыргыз тилиндеги сөздөрдү , кесибине ылайык терминдерди которуп алуу менен пайдаланууга;
- Чыгармалардагы нравалык касиеттерди күнүмдүк жашоодо колдоно алууга милдеттенет

**Пререквизиттер**: мектеп базасындагы "Кыргыз тили", "Эне тили", "Кыргыз адабияты" предметтерин өздөштүрөт.

**Постреквизиттер:** "Азыркы кыргыз тили", "Кыргыз тилинин практикуму", "Кеп маданияты"

**1.1.Студент билиши керек:**

- тил менен сүйлөөнүн өз ара айырмасы, ойду жеткирүүдөгү тилдин функциясын;

- кыргыз адабий тилинин нормаларын;
- түрдүү иштиктүү жанрдагы текстин эрежелери, оозеки жана жазуу речинин спецификаларын;
- кыргыз тилинин тыбыштык өзгөчөлүгүн жана анын түрлөрүн;
- сөздүктөрдүн негизги типтерин;
- фонетика, негизги фонетикалык бирдиктерди жана тыбыштык өзгөчөлүктөрдү;
- үндүүлөр менен үнсүздөрдүн айтылышындагы жана жазылышындагы
- өзгөчөлүктөрдү ажырата алууну;

**жасай билиш керек:**

- тилдик, коммуникативдик жана этикалык нормаларды дал келтирип ,өздүк речти түзүүнү;
- өздүк речти анализдөөнү;
- оозеки жана жазма речтеги кемчиликтерди, каталарды жое билүүнү;
- иш кагаздарынын үлгүлөрүн жаза алууну;

**колдоно билиш керек:**

- сүйлөө мезгилинде көркөм каражаттын терминдерин;
- лексикалык нормаларды;
- фразеология, фразеологиялык бирдиктерди атоо жана аларды сүйлөөдө колдоно билүүнү;
- кыргыз лексикасынын түрлөрүн жана анын баюу булактарын ажыратууну;
- кыргыз тилинде сөздүктөрдү колдоно билүүнү;
- иш кагаздарынын үлгүлөрүн жаза алууну;
- кесипке ылайык тексттерди окуп, колдонуу аркылуу студенттердин оозеки жана сүйлөөсүнүн жазма формасы өсөт жана маалыматка ээ болуп,алган билимди колдоно билүү жөндөмдүүлүгүнө ээ болушат;

- **1.2**. **Дисциплиналарды өздөштүрүүнүн жыйынтыгындагы компетенциялар:**
- Берилген дисциплиналарды өздөштүрүү процессинде студент төмөндөгү компетенцияларды билүүгө тийиш:
-

| Компетенциянын коду | Компетенциянын мазмуну |
|---|---|
| ОК-1 | -тандаган кесибинин маанилүү экенидигин билүү; анын келечеги үчүн бардык күч аракети менен талбай окуп-үйрөнүүгө ОК-1; |
| ОК-7 | -алдыга максат коюуга;<br>-ишмердүүлүгүнө жардам берүүгө;<br>-сапаттуу билим алуусуна көмөктөшүү ОК-7 |
| ПК-1 | -сабактын максатын жана милдетин аныктоо жана пландаштыруу |
| ПК-2 | -сабакты уюштуруу жана өтүү<br>-педагогикалык көзөмөл жүргүзүү<br>-сабакты жыйынтыктоо жана баалоо<br>-сабакка анализ берүү |

-технологиялык каражаттарды жана жаны методдорду колдонуу

ПК-4 -педагогикалык этиканы сактоо

**Студенттерди окутууда сабактан тышкаркы иштерди уюштурууда колдонулуучу компетенциялар**

ПК-7 -педагогикалык контроль жүргүзүү,
- башталгыч класстардын окуучуларын окутууда чыгармачылыгын өстүрүү.

**Билим берүү процессинде методикалык жардам**

ПК-13 -окуу-методикалык документциялар жана укуктук нормативдик документтер менен иш алып баруу
-окуу-методикалык комплектти тандоо
-мамлекеттик стандарттын жана окуу программасынын негизинде материалдарды иштеп чыгуу( жумушчу программалар, силлабус)

**Окуу сабактарын жүргүзүү формасы**

Предметтин мазмуну окуу процессин уюштуруу аркылуу жалпы аудиториялык – 90 саат, практикалыксабак-54 саат жана студенттердин өз алдынча иштөөсү 36 саат (жумушчу программада каралган) аркылуу ишке ашырылат.

Студенттердин өз алдынча иштөөсү аудиториялык сабакта жана сабактан (практикалык тапшырмаларды аткарууда) тышкары да даярдануу аркылуу ишке ашырылат.

**Билимди текшерүү формасы**

Предметти окутуу процессинде текшерүүнүн түрлөрүн колдонуу максатка ылайыктуу: учурдагы текшерүү, аралык текшерүү, жыйынтыктоочу текшерүү аркылуу ишке ашырылат.

- Учурдагы текшерүү теманы өздөштүрүүгө тандалган сабакта алган учурда ишке ашат.
- Аралык текшерүү бардык студенттер үчүн ар бир предметтик модулда өтүлгөн материал боюнча алган билимдерин баалоо.
- Жыйынтыктоочу текшерүү - экзамен

Ар бир модулда минималдык жана максималдык балл аныкталат. Ар бир модулдагы максималдык балл өтүлгөн материалды 100% өздөштүрүүсүнө барабар. Ар бир модулда минималдык балл милдеттүү жана башка модулдун баллы менен толукталбайт.

Оң жыйынтыкты алуу үчүн 50 баллдан кем эмес балл топтоо керек.

Предметтик модул боюнча рейтингдик модулдун баллы татаалдыгына жана маанилүүлүгүнө карата бөлүштүрүлөт.

Бардык предметтик модулдагы минималдык баллдын суммасы 50, ал эми максималдык – 100 баллды түзөт.

**Баалоо**

**Берилген курс боюнча илимдерди баалоо семестр боюнча топтолгон упайдын негизинде бааланат.**

| | |
|---|---|
| Баалоо | 100 балдык система |
| Эн жакшы (5) | 85-100 |
| Жакшы (4) | 70-84 |
| Канааттандырарлык (3) | 55-69 |
| Канааттандырарлык эмес(2) | 0-54 |
| Келген жок (1) | 0-54 |

**Курстун саясаты**

**Студенттердин укугу жана милдети:**

Сиздин башкы милдетиңиз силлабус боюнча берилген тапшырмаларды аткарууда өтө кылдаттык менен ар бирин өзүнчө изилдеп чыгып, толук түшүнүктүү болгондон кийин гана ишке киришүү. Бул сиздин ишиңиздин эффективдүү болушуна жардам берет.

1. Силлабуста көрсөтүлгөн тапшырмаларды аткарууда активдүүлүктү көрсөтүү менен бирге, пайда болуп жаткан проблемалар боюнча өз убагында активдүүлүктү көрсөтүү менен бирге, пайда болуп проблемалар боюча өз убагында мугалим менен байланышка чыккыла.
2. Сабактарга,экзамендерге өз убагында даяр болуу.
3. Берилген тапшырманы так аткаруу
4. Суроолорго жооп таба билүүгө аракеттенүү
5. Предмет боюнча түшүнүксүз болсо, тартынбай суроо берүү.
6. Эгерде студент үй тапшырмасын аткарбай, нөл упайга ээ болсо, экзаменге кирбей калуусу күтүлөт.
7. Системалуу түрдө окутуучу жана борбор менен байланышып туруусу зарыл.
8. Эгерде предмет боюнча жогорку баа албай калсаңыз, кайрадан толуктап тапшырууга мүмкүнчүлүгүңүз бар.

## “Кыргыз тили жана адабияты”предмети боюнча

**ТЕМАТИКАЛЫК ПЛАН**

| предметтикмодулдун № | лек тема № | Теманынаталышы | Сабактын түрү боюнча сааттардын бөлүштүрүлүшү | | | | | Эскертүү |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | лк | прак (сем) | лаб | СРС | башка түрү | |
| **ДМ 1** | 1.1 | **Грамматикалык тема:** Фонетика. Үндүү жана үнсүз тыбыштар **Лексикалык тема:** “Манас” эпосу- кыргыз элинин көөнөрбөс мурасы | | 2 | | 2 | | |
| | 1.2 | **Грамматикалык тема:**Кыргыз лексикографиясы | | 2 | | 6 | | |

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | **Лексикалык тема:** “Манас” эпосунун жети осуяты | | | | | | |
| | 1.3 | **Грамматикалык тема:**Орфография. Анын эрежелери<br>**Лексикалык тема:**Кыргыз элинин макал-лакаптары | | 2 | | | | |
| | 1.4 | **Грамматикалык тема:**Муун, анын түрлөрү<br>**Лексикалык тема:**Кыргыз элинин элдик оозеки чыгармачылыгы | | 2 | | 4 | | |
| | 1.5 | **Грамматикалык тема:**Басым<br>**Лексикалык тема:**Кыргыз элинин каада-салт ырлары | | 2 | | | | |
| | 1.6 | **Грамматикалык тема:**Кыргыз лексикасынын сөздүк фонду<br>**Лексикалык тема:**Манасчылар | | 2 | | | | |
| | 1.7 | **Грамматикалык тема:**Фразеологизмдердин кепте колдонулушу<br>**Лексикалык тема:**“Манас” эпосу жана Ч. Айтматов | | 2 | | 4 | | |
| | 1.8 | **Грамматикалык тема:**Орфоэпиянын нормалары<br>**Лексикалык тема:** Ч. Айтматовдун“Гүлсарат” повестиндеги адам жана коомдун берилиши | | 2 | | | | |
| | 1.9 | **Грамматикалык тема**: Сөздүн тутуму<br>**Лексикалык тема:**А.Осмоновдун өмүрү жана чыгармачылыгы | | 2 | | | | |
| | 1.10 | **Грамматикалык тема**: Зат атооч сөздөр<br>**Лексикалык тема:**Ч.Айтматовдун “Биринчи мугалим” чыгармасы | | 2 | | | | |
| | 1.11 | **Грамматикалык тема:**Сын атоочтун даражалары<br>**Лексикалык тема:**С.Эралиевдин өмүр жолу | | 2 | | | | |
| | 1.12 | **Грамматикалык тема:**Ат атооч | | 2 | | | | |

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | **Лексикалык тема:**Кыргыз элинин кенже эпостору | | | | | | |
| | 1.13 | **Грамматикалык тема:**Сүйлөм жөнүндө түшүнүк **Лексикалык тема:**К.Тыныстанов алгачкы профессор | | 2 | | | | |
| | 1.14 | **Грамматикалык тема:**Сүйлөмдүн түзүлүшү **Лексикалык тема:**Ч.Айтматовдун өмүрү жана чыгармачылыгы | | 2 | | 4 | | |
| | | **Жалпы** | | **14** | | **20** | | |
| **ДМ 2** | 2.1 | **Грамматикалык тема:**Пунктуация илими **Лексикалык тема:**Белек Солтоноев “Кызыл кыргыз тарыхы” | | 2 | | | | |
| | 2.2 | **Грамматикалык тема:**Төл жана бөтөн сөз **Лексикалык тема:**С.Байгазиев “Бакайдын образы” | | 2 | | | | |
| | 2.3 | **Грамматикалык тема:**Текстин түзүлүшү **Лексикалык тема:**Т.Сыдыкбеков “Биздин замандын кишилери” | | 2 | | 4 | | |
| | 2.4 | **Грамматикалык тема:**Сюжет, композиция **Лексикалык тема:**И.Разаков- коомдук ишмер | | 2 | | 6 | | |
| | 2.5 | **Грамматикалык тема:**Кептин түрлөрү **Лексикалык тема:**Ч. Айтматов “Кылым карытар бир күн” | | 2 | | | | |
| | 2.6 | **Грамматикалык тема:**Стиль жөнүндө түшүнүк **Лексикалык тема:**С.Байгазиев “Бизди ойготкон китептер” | | 2 | | | | |
| | 2.7 | **Грамматикалык тема:**Иш кагаздары **Лексикалык тема:**Ч.Айтматов “Гүлсарат” | | 2 | | 4 | | |
| | 2.8 | **Грамматикалык тема:**Термин жана терминология | | 2 | | 2 | | |

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | **Лексикалык тема:**С.Эралиев “Кесиринсан” | | | | | | |
| | 2.9 | **Грамматикалык тема:**Сан атоочтун түрлөрү **Лексикалык тема:**Ж.Турусбеков “Ажал ордуна” драмасы | | 2 | | | | |
| | 2.10 | **Грамматикалык тема:** Сырдык сөздөр **Лексикалык тема:** Ч.Айтматов “Ак кеме” | | 2 | | | | |
| | 2.11 | **Грамматикалык тема:** Модал сөздөр **Лексикалык тема:**М. Элебаев “Узак жол” | | 2 | | | | |
| | 2.12 | **Грамматикалык тема:** Синонимдер **Лексикалык тема:**Тоголок Молдо “Кемчонтой” | | 2 | | | | |
| | 2.13 | **Грамматикалык тема:** Кесиптик лекика **Лексикалык тема**: Ө. Даникеев “Кыздын сыры” | | 2 | | | | |
| | | **Жалпы** | | **13** | | **16** | | |
| | | **Жалпы** | | **54** | | **36** | | |

## ПРАКТИКАЛЫК (СЕМИНАРДЫК) САБАКТАРДЫН ТЕМАЛАРЫ

| **№** | **Теманынаталышы** | **сааты** |
|---|---|---|
| 1 | **Грамматикалык тема:** Фонетика. Үндүү жана үнсүз тыбыштар **Лексикалык тема:** “Манас” эпосу- кыргыз элинин көөнөрбөс мурасы | 2 |
| 2 | **Грамматикалык тема:** Кыргыз лексикографиясы **Лексикалык тема:** “Манас” эпосунун жети осуяты | 2 |
| 3 | **Грамматикалык тема:** Орфография. Анын эрежелери **Лексикалык тема:** Кыргыз элинин макал-лааптары | 2 |
| 4 | **Грамматикалык тема:** Муун, анын түрлөрү **Лексикалык тема:** Кыргыз элинин элдик оозеки чыгармачылыгы | 2 |
| 5 | **Грамматикалык тема:** Басым **Лексикалык тема:** Кыргыз элинин каада-салт ырлары | 2 |
| 6 | **Грамматикалык тема:** Кыргыз лексикасынын сөздүк фонду **Лексикалык тема:** Манасчылар | 2 |
| 7 | **Грамматикалык тема:** Фразеологизмдердин кепте колдонулушу **Лексикалык тема:** “Манас” эпосу жана Ч. Айтматов | 2 |
| 8 | **Грамматикалык тема:** Орфоэпиянын нормалары | 2 |

| | | |
|---|---|---|
| | **Лексикалык тема: Ч.** Айтматовдун “Гүлсарат” повестиндеги адам жана коомдун берилиши | |
| 9 | **Грамматикалык тема**: Сөздүн тутуму<br>**Лексикалык тема:** А.Осмоновдун өмүрү жана чыгармачылыгы | 2 |
| 10 | **Грамматикалык тема**: Зат атооч сөздөр<br>**Лексикалык тема:** Ч.Айтматовдун “Биринчи мугалим” чыгармасы | 2 |
| 11 | **Грамматикалык тема:** Сын атоочтун даражалары<br>**Лексикалык тема:** С.Эралиевдин өмүр жолу | |
| 12 | **Грамматикалык тема:** Ат атооч<br>**Лексикалык тема:** Кыргыз элинин кенже эпостору | 2 |
| 13 | **Грамматикалык тема:** Сүйлөм жөнүндө түшүнүк<br>**Лексикалык тема:** К.Тыныстанов алгачкы профессор | 2 |
| 14 | **Грамматикалык тема:** Сүйлөмдүн түзүлүшү<br>**Лексикалык тема:** Ч.Айтматовдун өмүрү жана чыгармачылыгы | 2 |
| 15 | **Грамматикалык тема:** Пунктуация илими<br>**Лексикалык тема:** Белек Солтоноев “Кызыл кыргыз тарыхы” | 2 |
| 16 | **Грамматикалык тема:** Төл жана бөтөн сөз<br>**Лексикалык тема:** С.Байгазиев “Бакайдын образы” | 2 |
| 17 | **Грамматикалык тема:** Текстин түзүлүшү<br>**Лексикалык тема:** Т.Сыдыкбеков “Биздин замандын кишилери” | 2 |
| 18 | **Грамматикалык тема:** Сюжет, композиция<br>**Лексикалык тема:** И.Разаков- коомдук ишмер | 2 |
| 19 | **Грамматикалык тема:** Кептин түрлөрү<br>**Лексикалык тема:** Ч. Айтматов “Кылым карытар бир күн” | 2 |
| 20 | **Грамматикалык тема:** Стиль жөнүндө түшүнүк<br>**Лексикалык тема:** С.Байгазиев “Бизди ойготкон китептер” | 2 |
| 21 | **Грамматикалык тема:** Иш кагаздары<br>**Лексикалык тема:** Ч.Айтматов “Гүлсарат” | 2 |
| 22 | **Грамматикалык тема:** Термин жана терминология<br>**Лексикалык тема:** С.Эралиев “Кесиринсан” | 2 |
| 23 | **Грамматикалык тема:** Сан атоочтун түрлөрү<br>**Лексикалык тема:** Ж.турусбеков “Ажал ордуна” драмасы | 2 |
| 24 | **Грамматикалык тема:** Сырдык сөздөр<br>**Лексикалык тема:** Ч.Айтматов “Ак кеме” | 2 |
| 25 | **Грамматикалык тема:** Модал сөздөр<br>**Лексикалык тема:** М. Элебаев “Узак жол” | 2 |
| 26 | **Грамматикалык тема:** Синонимдер<br>**Лексикалык тема:** Тоголок Молдо “Кемчонтой” | 2 |
| 27 | **Грамматикалык тема:** Кесиптик лекика<br>**Лексикалык тема**: Ө. Даникеев “Кыздын сыры” | 2 |
| | **Баардыгы** | **54** |

**Модулдар боюнча түзүлгөн суроолор**

**1-модул**

| **№** | **Модулдун суроолору** | **Баллы** |
|---|---|---|
| 1. | Мамлекеттик жана официалдуу тилдин карым катышы. Улуттук тилдин орду. | 2 |

| | | |
|---|---|---|
| 2. | Ч.Айтматовдун “Гүлсарат” повестиндеги Танабайдын образы коом менен мамилеси кандай? | 2 |
| 3. | Кыргыз тилинин алфавити. Үндүү жана үнсүз тыбыштар. | 4 |
| 4. | “Манас” эпосу улуттук энциклопедия катары орду | 2 |
| 5. | Сүйлөмдү муундарга ажыратып, алардын түрлөрү жөнүндө айтып бер | 4 |
| 6. | Кыргыз тилиндеги басым жана анын орду жөнүндөайтыпбер | 2 |
| 7. | Кыргыз элиндеги макал-лакаптардан айтып бер | 4 |
| 8. | Фразеологизмдерди катыштырып сүйлөм түзүп, алардын маанилери жөнүндө айтып бер | 4 |
| 9. | Орфоэпиянын нормалары айтып бер | 4 |
| 10. | Ч.Айтматов жана “Манас” эпосу жөнүндө эмне билесиң? | 2 |
| 11. | Өздөштүрүлгөн сөздүк аркылуу кыргыз тилине кабыл алынган сөздөр жөнүндө айтып бергиле | 6 |
| 12. | А.Осмоновдун ырларынан көркөм окуп бергиле | 4 |
| 13. | “Ырыс алды ынтымак” жомогун окуп, андагы зат атооч сөздөр жөнүдө айтып бергиле | 6 |
| 14. | Тест | 30 |
| 15. | СРС | 25 |
| 16. | Баардыгы | 100 |

**2- модул**

| № | Модулдун суроолору | Баллы |
|---|---|---|
| 1. | Кесибиң жөнүндө айтып бер | 2 |
| 2. | Синоним , омоним сөздөргөмисалкелтирип, аларжөнүндөайтыпбер. | 2 |
| 3. | Кесиптик лексикага мисал келтиргиле. Алар жөнүндө айтып бергиле. | 2 |
| 4. | К.Тыныстановдун кыргыз элине кошкон салымы | 2 |
| 5. | Ч.Айтматовдун “Ак кеме” чыгармасынан үзүндү алып, тексттеги пунктуацияга көнүл буруп айтып бергиле | 2 |
| 6. | Белек Солтоноевдин  кыргыз тарыхындагы орду жөнүндө айтып бергиле | 4 |
| 7. | “Ар бир кесип ардактуу” эссе.Кептин түрлөрүнө көңүл бургула да, алар жөнүндө айтып бергиле | 2 |
| 8. | Публицистикалык мүнөзгө тиешелүү текст түзгүлө, стилдин түрү жөнүндө айтып бергиле | 2 |
| 9. | Официалдуу жана официалдуу эмес иш кагаздары жөнүндө айтып бергиле | 2 |
| 10. | Сенин кесибинде сан атоочтордун түрлөрү кездешеби? Болсо алар жөнүндө айтып бер | 2 |
| 11. | Ч.Айтматовдун чыгармаларындагы адамзат темасы сага кандай таасир этти? | 4 |
| 12. | Төл жана бөтөн сөз деген эмне? | 2 |
| 13. | Кесибиңердеги терминдер жөнүндө айтып бергиле | 2 |
| 14. | Тест | 30 |
| 15. | СРС | 25 |
| 16. | Бардыгы | 100 |

**СТУДЕНТТЕРДИН ӨЗ АЛДЫНЧА ИШТӨӨСҮ**

Студенттердин өз алдынча иштөөсү окуу процессинин составдык бөлүгү болуп саналат жана окутуучу тарабынан берилген тапшырмаларды өз алдынча чечүү, адабияттар менен иштөө көндүмдөрүн өнүктүрүү максатын көздөйт. Баалоо: диагностикалык, мотивациялык жана баалоо түрүндө болот. Окутуучу семестрдин башында ар бир студентке жекече тапшырма берет. Студент семестр ичинде өз алдынча адабияттарды карап чыгып, коюлган маселени чечүү үчүн реферат, көнүгүү иштерин жазат. Коюлганмаселенитуураjана так аткарган студент тиешелүү балл алаалат.

Жалпы баага ээ болуу үчүн студент төмөндөгү компетенттерге ээ болусу керек:

- Практикалык сабактардан калбай катышуусу үчүн 10 балл
- Берилген тапшырмаларды убагында аткаргандыгы үчүн 10 балл
- Сабакта активдүү катышкандыгы үчүн 10 балл
- Сабакка күнүнө себепсиз калтыргандыгы үчүн 3 баллдан кемитилет
- Тапшырмаларды аткарбагандыгы үчүн3 баллдан кемитилет
- Аягында студент тест жана СӨИ тапшырат

**Студенттердинөзалдынчаиштеринintемалары**

| № | Темалардынаталышы | Сааты |
|---|---|---|
| **Модуль I** | | |
| 10. | Кыргыз тилинин үндүү жана үнсүз тыбыштарына көнүгүү иши | 2 |
| 11. | Өздөштүрүлгөн сөздүктү пайдаланып кесибиңердеги терминдерди карагыла.<br>Көнүгүү иши | 2 |
| | **Бардыгы** | **4** |
| 12. | Фразеологизмдердин түрлөрүн катыштырып эссе | 4 |
| 13. | Кесибиңерге тиешелүү терминдерди пайдаланып официалдуу иш кагазын жазгыла | 4 |
| 14. | “И. Разаков- коомдук ишмер” дилбаян | 6 |
| | | **14** |
| | **Бардыгы** | **18** |
| **Модуль II** | | |
| 15. | Муун. Сөздөрдү муундарга ажыраткыла | 4 |
| 16. | “ Ч.Айтматов- чыгармачылыгы менен дүйнөнү дүңгүрөткөн жазуучу” дилбаян | 4 |
| | **Бардыгы** | **8** |
| 17. | “Ар бир кесип ардактуу” деген темада эссе | 4 |
| 18. | Энциклопедиялык сөздүктү пайдаланып, кесибиңердеги окумуштуулардын өмүр баяны жана чыгармачылыгы жөнүндө реферет жазгыла | 6 |
| | **Бардыгы** | **10** |
| | **Жыйынтыгы** | **36** |

**“Кыргыз тили жана адабияты”**предметибоюнча

Студенттердин өз алдынча ишинин

**ГРАФИГИ**

| Курс | семестр | группа | Окуужумалары | | | | | | | | Бардыгы |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 | |
| Өзалдынчаиштинтемасы | | | 1,2 | 3,4 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | 10 | |
| Сааты | | | 2,2 | 4,4 | 6 | 2 | 4 | 4 | 4 | 4 | 36 |

**7- Практикалык сабак. 2 саат**

**Грамматикалык тема:** Фонетика. Үндүү жана үнсүз тыбыштар
**Лексикалык тема:** “Манас” эпосу- кыргыз элинин көөнөрбөс мурасы
**План:** 1. Фонетика илими. Үндүү жана үнсүз тыбыштар жөнүдө маалымат
2. “Манас” эпосунун кыргыз элинин жашоосудагы орду жөнүндө түшүнүк алуу
3. “Манас” эпосунан үзүндү окуу.
4. Текст менен иштөө
5.Көнүгүү аткаруу
**Негизги түшүнүктөр**: Фонетика, тамга, тыбыш, алфавит, эпос, мурас, трилогия, энциклопедия, осуят, идеология
**Адабияттар:**

1.А. ЖапаровКыргызтилининсинтаксиси Ф., 1979.
2.А. ИмановКыргыз тили. Синтаксис Ф., 1990.
3. А.У. Акынбекова Кыргыз тили Б.; 2014
4. С. Үсөналиев Кыргыз тилинин справочниги; 2010
5. Т.С. Маразыков Тексттин стилдик түзүлүшү Б.; 2013

**Сабактын түрү**: жаңы теманы өтүү

**Сабактын максаты:** Фонетика илими жөнүндө жалпы маалымат берүү.

Фонетиканын изилдөө обьектиси менен тааныштыруу, тексттен үндүү жана үнсүз тыбыштарды табуу. мекенчилдикке тарбиялоо

**Сабакта колодонуучу каражаттар**: китептер, буклеттер, таркатма материалдар

**Сабактын жүрүшү:** уюштуруу.тапшырманы суроо жана бышыктоо,

**Жаны тема.** Тема боюнча аңгеме куруу. Тексттен окуу

Көнүгүү: Тексттен тыбыштаргды аныктоо.

Бышыктап, үйгө тапшырма берүү

Кыргыз тилинде 36 тамга, 39 тыбыш жана 39 фонема бар. Алгач тыбыш, тамга, фонеманын табиятын түшүнүп, андан соң эмне үчүн мындай сан жагынан айырма боло

тургандыгына келебиз. **Тыбыш - сөздөрдү айтканда кулакка угулган айрымайрым үндөр.** Тыбыштарды угабыз, бирок көрбөйбүз. Мисалы, турмуш деген сөздү алсак, ал кулакка угулган айрым [т], [у], [р], [м], [у], [ш]1 деген 6 тыбыштан куралган. Тыбыштар сүйлөө органдарынын кыймылына жараша пайда болот, б.а. тыбыш жасоодо өпкөдөн чыгып келе жаткан аба ооз көңдөйүндө жолтоого учурабаса үндүү тыбыштар - [а], [о], [э], [и] ж.б., ал эми ооз көңдөйүндө ар кандай жолтоолукка учураса, үнсүз тыбыштар - [к], [м], [р], [с] ж.б. пайда болот. Бардык эле тамга тыбышты билдирбейт, же тескерисинче кыргыз тилиндеги бардык тыбыштардын өзүнө тиешелүү тамгасы жок. (Бул көрүнүш кыргыз алфавитиндеги такталууга муктаж болгон маселелердин бири.) **Тамга - тилдеги тыбыштарды белгилөө үчүн кабыл алынган шарттуу белги.** Мисалы, [а] тыбышы үчүн - а тамгасы, [й] жана [а] тыбыштары үчүн - я тамгасы, [р] тыбышы үчүн - р тамгасы кабыл алынган Кыргыз тилинде 36 тамга бар.

**“Манас” эпосу**

Адамзаттын агып турган тиричилиги дайыма болочокко багытталганы менен, өткөн тажрыйбасы — анын түпкү күлазыгы, таянган тоосу, келечек урпактарга энчилеген мурасы. Мунсуз коомдук жана маданий турмуштун уланышы мүмкүн эмес. Бул аныктама эң оболу сөз табиятына таандык. «Өнөрдүн алды кызыл тил» деп илгеркилер бекер айтпаса керек. Чоң кеменгерлик менен айтылган нерсе — эмне гана болбосун, адам тарабынан жасалган ар бир кыймыл, аракет, бүткөн иш жана чектелген максат алды менен адамдын аң-сезиминен даярдалып чыгат. Сөздөн, ойдон башталып, адамдын ар түркүн жетишкени тажрыйба катары кайра ойго, сөзгө келип бекемделет, аң-сезимди байытат.

Элдин генийинен жаралган көркөм сөз өнөрүнүн не бир асыл заттары байыркы туңгуюктан бери карай оор, узак сапар тартып, өзүнүн наристе нукуралык сапатын коротпой, биздин күнгө жетип, бүгүнкү күндүн реалдуу көрүнүш катарында кабыл алынат. Мындай баа жеткис асыл зат өткөн маданий эстеликтин чегинен чыгып, түз эле азыркы учурдун талабына шаймашай жооп берген жандуу эстетикалык кубулуш катарында элдин реалдуу руханий асылдыктарына келип кошулат. Кыргыз элинин улуу мурасы — эпикалык традициясы мына ушундай баа жеткис руханий байлыкка жатат.

**Тапшырма (текстеги тыбыштарды жана тамгаларды аныктагыла)**

**Кыргыз эли**

Байыркы кыргыздар жөнүндөгү эң биринчи жана негизги маалыматтарды кытайдын байыркы жазуу эстеликтери билдирет. Муну менен катар байыркы түрк, кыргыз, араб, перси жазуулары, о.э. 18 кылымдан баштап, орус тарыхчылары да кыргыздар жөнүндөгү маалыматтарды берген.

Ири тарыхчы, академик В.Бартольд: “Кыргыздар Орто Азиянын эң байыркы элдеринин катарына кирет. Азыркы убакта Орто Азияда турган элдердин ичинен кыргыздар сыяктуу аты тарыхта эрте учураган бир да эл жок болсо керек”,- деп жазган.

Кыргызда жөнүндөгү эң биринчи маалымат кытайдын тарыхчысы Сымацындин биздин эрага чейинки 99-жылы жазган “Тарыхый каттар” деген китебинде айтылган. Анда кыргыздар биздин эрага чейин экинчи кылымда эле Гегүнь (кыргыз) империясына бириккен, Сибирдеги Енисейдин баш жагында орношкон эл деп баяндалат.

Тарыхта кыргыздар 9-10 кылымдын ортосунда ири мамлекет болуп тургандыгы айтылат. Ушул мезгилде кыргыздардын маданияты бир кыйла жогорулайт. Бул учурда алардын соода-сатыгы күчтүү болуп, өздөрүнүнү жазуусу болгон. Академик Бартольд кыргыздардын 9-10 кылымдын ортосундагы учурун “Кыргыздардын улуу мамлекеттик доору” деп айтат.

**Тапшырма.** “Манас” эпосунун энциклопедиясы деген темада эссе жазуу

**8- Практикалык сабак. 2 саат**

**Грамматикалык тема:** Кыргыз лексикографиясы

**Лексикалык тема:** “Манас” эпосунун жети осуяты
**План:**1 Сөздүктөр жөнүндө жалпы маалымат
2. Сөздүктөрдүн түрлөрү
3. “Манас” эпосундагы жети осуят
4. Текст менен иштөө
5.Көнүгүү аткаруу

**Негизги түшүнүктөр**: Сөздүктөр, энциклопедия, лингвистика, котормо, этимология, фразеология, синоним, терминология, осуят, ариет, атуул, мамлекет, табият, көз карандысыздык, дөөлөт, илим, билим

**Адабияттар:**


1.А. ЖапаровКыргызтилининсинтаксиси Ф., 1979.
2.А. ИмановКыргыз тили. Синтаксис Ф., 1990.
3. А.У. Акынбекова Кыргыз тили Б.; 2014
4. С. Үсөналиев Кыргыз тилинин справочниги; 2010
5. Т.С. Маразыков Тексттин стилдик түзүлүшү Б.; 2013


**Сабактын түрү**: жаңы теманы өтүү

**Сабактын максаты:** Кыргыз лексикографиясы тууралуу маалымат берүү.**Сабакта колодонуучу каражаттар**: китептер, буклеттер, таркатма материалдар

**Сабактын жүрүшү:** уюштуруу.тапшырманы суроо жана бышыктоо,

**Жаны тема.** Тема боюнча аңгеме куруу. Создүктөрдүн түрлөрү менен көнүгүү иштөө.

**Сөздүктөр** бүгүнкү күндүн деңгээлинде камтыган материалына, алардын шөкөттөлүшүнө, ошону менен катар маалыматтарына, берген аныктамаларга жана талабы менен мүнөзүнө, алдына койгон илимий-практикалык максаттарына, милдеттерине жана канчалык даражада бүгүнкү күндөгү илимдеги жаңылыктарды чагылдыра алгандыгы, бул багыттагы салттуулукту сактоо менен сөздүк түзүү ишиндеги илимий-теориялык жетишкендиктерди пайдаланып, турмушка жакын, турушуна ылайык реализациялай билишине карай төмөндөгүдөй типтерге бөлүнөт: I. Энциклопедиялык сөздүктөр (же энциклопедиялар). II. Филологиялык (же лингвистикалык) сөздүктөр. III Ономастикалык сөздүктөр. IV.Терминологиялык-тармактык сөздүктөр. V.Аймактык (чөлкөм таануу багытындагы) сөздүктөр. Сөздүктөрдүн типтери түрлөргө, түрлөрү тармактарга ажырайт. Жалпы эле сөздүктөргө таандык жаңылыктар менен бирге ар бир сөздүктүн (анын тибине жана түрүнө карабастан) камтыган материалына, түзүлүш принцибине (принциптерине), алдына койгон максаты менен милдетине жараша өзгөчөлүгү (өзүнчөлүгү) болот жана ошондой эле ар кандай сөздүктүн материалын улуттук (же лексикографиялык) фонду (картотека) түзөт. Камтыган материалына, анын ырааттуулугуна жана түшүндүрүү потенциалына (автордук ар түрдүүлүк менен жөндөмдүүлүктөрүнө), арнаганбагытталган окурманына карай сөздүк академиялык жана демейдеги (академиялыкка караганда жөнөкөйлөтүлгөн) болуп бөлүнөт. Ошондой эле убакыттын (мезгилдин) агымы (же өтүшү) мейкиндиги бөтөнчө синхрондуу, тарыхый сөздүктөр; тилдердин саны боюнча кош (эки) тилдүү, көп тилдүү; материалынын жайгашуусу (орун алышына карай); тескери (кери), аналогиялык; көлөмүнө карай: чоң, кичине, чөнтөк, чоң (олчойгон) болуп бөлүнөт.

Көнүгүү: Тексттен сөздөрдүн этимологиясын аныктөө.
Бышыктап, үйгө тапшырма берүү

**Боз үй**

Боз үй- кыргыз элинин байыркы мезгилден бери колдонулуп келе жаткан турак жайы. Ал-элдин жашоо-шартына ылайыкталган, жөнөкөй, жеңил, көчүп-конууга жана тигип-чечүүгө ыңгайлуу, көркөм үй. Аны чечип бүктөп койсо, бир төөлүк гана жүк болот. Тигип

койсо, адам жашай турган үйгө айланат. Боз үйдө урулган бир да мык жок. Дасыккан уста боз үйдүн жыгачын жыйырма беш күндө жасайт. Боз үй болсо чейрек кылым чыдайт.
Боз үй негизинен жыгач, кийиз, чий, боо-чуудан турат.
Боз үйдүн бардык касиеттерин бириктирип, аны үй катары кармап турган борбор-бул түндүк алдындагы от жагылуучу коломто. Коломтодон ары, босогонун карама-каршысында сандык коюлуп, такта орнотулуп, килем-килче, шырдак, ала-кийиз, жууркан-төшөк жана башкалар жыйылат. Жүк алды төр болот, анда аксакалдар, сыйлуу меймандар олтурат. Төрдүн оң жагы-чыгдан, ашкана-эпчи жак, сол жагы-эр жак (ыпча). Эр жактагы керегеде ат жабдыктар, эркекке тийиштүү аспаптар, буюмдар илинет. Эпчи жагына аялдардын буюмдары коюлат жана чыгдан (ашкана чий) тартылып, анын ичинде тамак-аш, идиш-аяк сакталат.
Боз үйдүн жасалгасы элибиздин улуттук кол өнөрчүлүгүнүн бай казынасын, элдин маданиятынын негизин түзөт.
**Тапшырма:** түшүндүрмө сөздүктү пайдаланып сөздөрдү карап чыккыла

**9- Практикалык сабак. 2 саат**

**Грамматикалык тема:** Орфография. Анын эрежелери
**Лексикалык тема:** Кыргыз элинин макал-лакаптары
**План:** 1. Орфография жөнүндө түшүнүк
2.Орфографиянын эрежелери
3. Кыргыз элинин макал-лакаптары. Алардын маанилери
4. Көнүгүү иштери
**Негизги түшүнүктөр**: Орфография, эреже, норма, ташымал, муун, сызыкча, энчилүү ат, жалпы ат, аббревиатура, бирикккен сөз
**Адабияттар:**

1.А. ЖапаровКыргызтилининсинтаксиси Ф., 1979.
2.А. ИмановКыргыз тили. Синтаксис Ф., 1990.
3. А.У. Акынбекова Кыргыз тили Б.; 2014
4. С. Үсөналиев Кыргыз тилинин справочниги; 2010
5. Т.С. Маразыков Тексттин стилдик түзүлүшү Б.; 2013

**Сабактын түрү**: жаңы теманы өтүү
**Сабактын максаты:** Орфорграфиянын эрежелерин окуу.
**Сабакта колодонуучу каражаттар**: китептер, буклеттер,слайд,таркатма материалдар
**Сабактын жүрүшү:** уюштуруу.тапшырманы суроо жана бышыктоо,
**Жаны тема.** Тема боюнча аңгеме куруу. Тексттен окуу
Бышыктап, үйгө тапшырма берүү
Слайд менен жаңы теманы түшүндүрүү

**Макалдар**

| | |
|---|---|
| Жакшы сөз таш эритет, | Акыл айтканды баары билет. |
| Жамансөз жан кейитет. | |
| Ойлобой сүйлөгөн онтобой өлөт. | Ар ким өзүн акылдуу ойлойт. |
| Акылсызды үйрөтүү- | Башта өзүң үйрөн, анан башканы үйрөт. |
| Түбү жок челекке суу куйгандай. | |
| Тил узундун акылы кыска. | Тил-топчусуз, |
| Миң сөз айтканча, бир ишти кыл. | Ооз-ачкычсыз. |
| Сөздү көп сүйлөсө, тантык болот, | Тиши чыккан балага чайнап берген аш болбойт. |
| Сууну көп кечсе, чалчык болот. | |
| Ойноп сүйлөсөң да, ойлоп сүйлө. | Куру сөз курсак тойгузбайт. |

Жаакташкан дос болбойт.

Адамзатты сөз бузат,
Тоону, ташты сел бузат.

**10- Практикалык сабак. 2 саат**

**Грамматикалык тема:** Муун, анын түрлөрү

**Лексикалык тема:** Кыргыз элинин элдик оозеки чыгармачылыгы

**План:** 1. Муун, анын түрлөрү

2. Кыргыз элинин элдик оозеки чыгармачылыгы. Фольклор жөнүндө түшүнүк. Жомоктор, насыят ырлар, жаңылмачтар ж.б.

3. Көнүгүү иштөө

**Негизги түшүнүктөр**: Муун. Ачык муун, жабык муун, туюк муун, фольклор, жомок, дастан, макал, уламыш, ыр, эпос

**Адабияттар:**

1.А. ЖапаровКыргызтилининсинтаксиси Ф., 1979.
2.А. ИмановКыргыз тили. Синтаксис Ф., 1990.
3. А.У. Акынбекова Кыргыз тили Б.; 2014
4. С. Үсөналиев Кыргыз тилинин справочниги; 2010
5. Т.С. Маразыков Тексттин стилдик түзүлүшү Б.; 2013

**Сабактын түрү**: жаңы теманы өтүү

**Сабактын максаты:** Муундун түрлөрү жөнүндө маалымат берүү.

**Сабакта колодонуучу каражаттар**: китептер, слайд,буклеттер, таркатма материалдар

**Сабактын жүрүшү:** уюштуруу.тапшырманы суроо жана бышыктоо,

**Жаны тема.** Тема боюнча аңгеме куруу. Слайд. Тексттен окуу

Бышыктап, үйгө тапшырма берүү

Кеп агымында айтылуучу эң кичине бирдик болуп **муун** эсептелет. Себеби кепти айтканда айрым тыбыштарга ажырабастан, бири-биринен тыным аркылуу бөлүнүп турган, артикуляциялык жактан ажырабас бек бирдикти түзгөн муунга гана ажырайт. Кеп агымынын муунга бөлүнүшү дем алуу жана дем чыгаруу процесси менен, б.а. көөдөн булчуңунун жыйрылуу жана бошоо процесси менен байланыштуу түшүндүрүлөт. Демек, муун деп бир жолку дем чыгаруу менен айтылган бир же бир нече тыбыштардын жыйындысын айтабыз. **Кыргыз тилинде да башка түрк тилдери сыяктуу муун үндүү тыбыштарсыз уюшулбайт**. Сөздөгү муундун саны ушул тыбыштардын санына жараша болот. Үндүү тыбыш жеке туруп да, үнсүз тыбыш менен айкашып келип да муун жасайт. Мисалы: а-па, ү-мүт, жер, мек-теп, кант  ж.б. Созулма үндүүлөр бир гана муунду түзөт. Алсак, суу, туу-ра, сү-йүү, тоок, саат, ээр, төө, мээ-нет, көө-көр ж.б. Йоттошкон тамгалар өз алдынча муун түзүшөт: чи-йе (чие), а-йак (аяк), ко-йон (коен), су-йук (суюк). ь жана ъ белгилери өзүнөн мурунку муунга тиешелүү болуп айтылат: разъ-езд, подъ-езд, кон-суль-та-ци-я ж.б. Кыргыз тилинин төл сөздөрүндө муун бирден төрткө чейинки тыбыштан түзүлөт.

**Көнүгүү. Сөздөрдү муундарга ажыраткыла**. Муундун тибин жана түрүн аныктагыла. Илим менен билимге көпүрө - тил, Көкөлөткөн адамды тили деп бил. Тил адамды бакытка бөлөп салат, Тил адамды шорлотот, башын алат. Тил-арстан босогоңдо комдогон, Бошоп кетсе - өзүңдү да жеп койгон.   Эсиңе түй,  тили заардын айтканын,  Болсун сенин сабырдуулук адатың.  Орундуу сөз акыл-эстен от алат,  Орунсуз сөз ийининден баш алат

**Кыргыз элдик оозеки чыгармачылыгы.**

**Табышмактарды тапкыла**
Томолотсо жаны жок,
Кескилесе каны жок.
Бышырсаң- аш,
Бышырбасаң-куш.
Баштыкка сүзүп айранды,
Күнгө жайып кургатам.
Эңсеп келген адамга
Бир- экиден кургатам.

**Жаңылмачты тез-тез айткыла**
Бул кай каймак?
Бул бал каймак, бул камкаймак
Бал каймакты камкаймакка кошоюн,
Камкаймакты балкаймакка кошоюн

**Тапшырма**: тексттен муундун түрлөрүнө карата талдоо

**11- Практикалык сабак. 2 саат**
**Грамматикалык тема:** Басым
**Лексикалык тема:** Кыргыз элинин каада-салт ырлары
**План**:1. Басым жөнүндө түшүнүк
2. Кыргыз тилиндеги басымдын орду
3. Кыргыз элинин каада-салт ырларынын мааниси, көркөм окуу
4.Көнүгүү аткаруу
**Негизги түшүнүктөр** Басым, логикалык, фразалык, квантативдик, сандык, динамикалык, муун, агглютнация, флективдүү
**Адабияттар:**

1.А. ЖапаровКыргызтилининсинтаксиси Ф., 1979.
2.А. ИмановКыргыз тили. Синтаксис Ф., 1990.
3. А.У. Акынбекова Кыргыз тили Б.; 2014
4. С. Үсөналиев Кыргыз тилинин справочниги; 2010
5. Т.С. Маразыков Тексттин стилдик түзүлүшү Б.; 2013

**Сабактын түрү**: жаңы теманы өтүү
**Сабактын максаты:** Кыргыз тилин басымы жөнүндө маалымат берүү. Слайд
**Сабакта колодонуучу каражаттар**: китептер, буклеттер, таркатма материалдар
**Сабактын жүрүшү:** уюштуруу.тапшырманы суроо жана бышыктоо,
**Жаны тема.** Тема боюнча аңгеме куруу. Тексттен окуу
Бышыктап, үйгө тапшырма берүү

**Тапшырма (Тексттен сөздөрдүн басымдарын аныктагыла)**

**Кыргыз элинин улуттук тамак-аштары**

Башка элдер сыяктуу эле кыргыз элинин да муундан-муунга өтүп сакталып калган элдик оозеки чыгармалары, күүлөрү, кол өнөрчүлүктөрүнүн эмгектери бар. Ошолордун эле катарында кыргыз элинин улуттук тамак-аштарын да кошсок болот.

Башбармак, Казы-карта, чучук, куурдак, быжы, жөргөм, олобо, кымыз, курут, чалап, жарма, максым, боорсок, каттама.

Кыргыз эли өзүнүн меймандостугу менен белгилүү. Кенлген меймандарды кучагын тосуп алып, мейманды төрүнө отургузуп, мал союп, дасторконун кенен жайып сыйлашат. Дасторкондун үстүнө токоч, боорсок, каймак, май, каттама ж.б. коюшат да эң аягында бешбармак берилет. Кыргыздардын тамак берүү салты боюнча меймандарга бышырылган эт устукандалып берилет. Этти устукандоо адамдардын жашына, урматына жараша жүргүзүлөт.

- Кыргыз элинин каада- салттары жөнүндө ойлорун бөлүшүү. Сүрөткө түшүрүлгөн каада-салт майрамдык кечелерге карап сүйлөм түзүү

**12- Практикалык сабак. 2 саат**

**Грамматикалык тема:** Кыргыз лексикасынын сөздүк фонду
**Лексикалык тема:** Манасчылар
План: 1. Лексика жөнүндө жалпы түшүнүк
2. Кыргыз лексикасынын сөздүк фонду
3. Сөз жасоонун жолдору
4. Манасчылардын өмүр баяны жөнүндө таанышуу
5.Көнүгүү аткаруу
**Негизги түшүнүктөр:** Лексика, сөздүк фонд, лексикология, өздөштүрүлгөн сөз, лексикограф, семантикалык жол, морфологиялык жол, синтаксиситик жол, манасы, жомок, айтууч, эпос
**Адабияттар:**

1.А. ЖапаровКыргызтилининсинтаксиси Ф., 1979.
2.А. ИмановКыргыз тили. Синтаксис Ф., 1990.
3. А.У. Акынбекова Кыргыз тили Б.; 2014
4. С. Үсөналиев Кыргыз тилинин справочниги; 2010
5. Т.С. Маразыков Тексттин стилдик түзүлүшү Б.; 2013

**Сабактын түрү**: жаңы теманы өтүү

**Сабактын максаты:** Кыргыз лексикасынын баюу жолдору жөнүндо маалымат берүү.

**Сабакта колодонуучу каражаттар**: китептер, буклеттер, таркатма материалдар

**Сабактын жүрүшү:** уюштуруу.тапшырманы суроо жана бышыктоо,

**Жаны тема.** Тема боюнча аңгеме куруу. Тексттен ички булактар аркылуу баюу жолуна карай создөрду тапкыла.
Бышыктап, үйгө тапшырма берүү

**Табышмактарды тапкыла**
Томолотсо жаны жок,
Кескилесе каны жок.
Бышырсаң- аш,
Бышырбасаң-куш.
Баштыкка сүзүп айранды,
Күнгө жайып кургатам.
Эңсеп келген адамга
Бир- экиден кургатам.

**Жаңылмачты тез-тез айткыла**
Бул кай каймак?
Бул бал каймак, бул камкаймак
Бал каймакты камкаймакка кошоюн,
Камкаймакты балкаймакка кошоюн.

Тапшырма: сөздөрдүн баюу жолдоруна мисал жазып келүү

**7-практикалык сабак. 2 саат**
**Грамматикалык тема:** Фразеологизмдердин кепте колдонулушу
**Лексикалык тема:** "Манас" эпосу жана Ч. Айтматов
План: 1. Фразеологизмдер жөнүндө түшүнүк
2. Фразеологизмдердин түрлөрү
3. Фразеологизмдерди кепте колдонуу
4. Ч.Айтматовдун чыгармаларында "Манас" эпосу жана С.Каралаевдин орду жөнүндө
5.Көнүгүү аткаруу
**Негизги түшүнүктөр:** Фразеологизм, бирдик, тизмек, айкаш, эпос, трилогия, феномен, чыгарма
**Адабияттар:**
1.А. ЖапаровКыргызтилининсинтаксиси Ф., 1979.
2.А. ИмановКыргыз тили. Синтаксис Ф., 1990.
3. А.У. Акынбекова Кыргыз тили Б.; 2014
4. С. Үсөналиев Кыргыз тилинин справочниги; 2010
5. Т.С. Маразыков Тексттин стилдик түзүлүшү Б.; 2013
**Сабактын түрү**: жаңы теманы өтүү
**Сабактын максаты:** Фразеологизмдер жөнүндө маалымат берүү.
**Сабакта колодонуучу каражаттар**: китептер, буклеттер, таркатма материалдар
**Сабактын жүрүшү:** уюштуруу.тапшырманы суроо жана бышыктоо,
**Жаны тема.** Тема боюнча аңгеме куруу. Тексттен окуу
Бышыктап, үйгө тапшырма берүү

**ФРАЗЕОЛОГИЯ**

Фразеология гректин < phraseos- "айтылыш" + logos – "окуу, илим" деген сөздөрүнөн алынган, б.а., нускалуу сөздөр, алардын курамы, мааниси, колдонулушу тууралуу лексикология илиминин бир тармагы. Фразеологизмдер эркин сөз айкашынан төмөнкү белгилери менен айырмаланат: 1. Курамы боюнча 2 (эки) же андан ашык сөздөрдөн турат; 2. Курамындагы сөздөрдүн орун-тартиби, синтаксистик байланышы жагынан дээрлик туруктуу болот; 3. Курамындагы бардык сөздөр (ал сөздөрдүн семантикалык суммасы) өтмө мааниде колдонулуп, ойдун көркөм (образдуу) болушун шарттайт. 4. Жеке сөз сыяктуу бир гана денотатты туюнтуп, сүйлөмдө анын бир мүчөсүнүн милдетин аткарат. 5. Синтаксистик объектиси эмес, толук маанилүү сөз түрүндө лексикологиялык категория катары каралат

**"Манас" эпосу жана Ч.Айтматов**

Кыргыз калкы нечен кылымдык тарыхты карытып,айтылуу «Манас» баштаган элдик оозеки чыгармачылыктын эн сонун улгулорун жаратып,аларды кийинки муунга мурас катары калтырып келишкен.Ал кенчтер мурас катары адамдын ан –сезиминде гана жашап кала бербестен,кыргыз маданиятынын,адабиятынын пайда болушунун жана калыптанышынын негизги булагы болуп саналган. «Манас» эпосу Ч.Айтматовдун жан дуйносуно балалык мезгилде эле синген.Жазуучунун чон энеси Айымкан, эжеси Карагыз жомоктор,элдик ырлар ,уламыштар макал-лакаптар,дастандардын озунчо бир кенчи боло турган.Чон энелерин ээрчип жайлоодо тоо-тоолоп журот,айыл-ападагы той-тамашаларды корот,элдин урп-адатын,уй-бүлолук салтын билип,ар бир кыргыз баласы сыяктуу ариб тааный электе «Манас» баштаган эн асыл мурастарды угуп,таалим алып,корком дуйнонун укмуштуудай сыйкырдуу касиетине аралашат.Таластан биринчи ирет манасчынын унун уккандыгын жазуучу эскерген.Чолпонбай,Дуйшонкул сыяктуу баатырлардын эрдигин оз элин ,жерин жоо душмандардан коргогон Манаска салыштырышып ыйык тутуп,оздорун да баатырлардай сезишип,бири-бирине ант берген балалык

кундор коп эле болгон. «Манастын» духу менен турмуштагы болгон кыйынчылыктарды,азап-тозокторду которуп,женишке умтулуп келишкен.

**Тапшырма:** Тексттен фразеологизм создөрдү таап, аларга мүнөздөмө бергиле

**8-практикалык сабак. 2 саат**

**Грамматикалык тема:** Орфоэпиянын нормалары

**Лексикалык тема:** Ч. Айтматовдун “Гүлсарат” повестиндеги адам жана коомдун берилиши

План: 1. Орфоэпия жана анын нормалары жөнүндө маалымат

2. Ч.Айтматовдун “Гүлсарат” повестинин мазмуну менен таанышуу

3. “Гүлсарат” чыгармасындагы адам жана коомдун чагылышы

4.Көнүгүү аткаруу

**Негизги түшүнүктөр**Орфоэпия, норма, принцип, адабий тил, говор, диалект, повесть, коом, инсан, калыптануу

**Адабияттар:**

1.А. ЖапаровКыргызтилининсинтаксиси Ф., 1979.
2.А. ИмановКыргыз тили. Синтаксис Ф., 1990.
3. А.У. Акынбекова Кыргыз тили Б.; 2014
4. С. Үсөналиев Кыргыз тилинин справочниги; 2010
5. Т.С. Маразыков Тексттин стилдик түзүлүшү Б.; 2013

**Сабактын түрү**: жаңы теманы өтүү

**Сабактын максаты: “**Манас” эпосундагы поэтика. Эпостогу уйкаштыктар ж.б. Эпостогу поэтикалык каражаттар менен тааныштыруу, аларды тексттен табуу. мекенчилдикке тарбиялоо

**Сабакта колодонуучу каражаттар**: китептер, буклеттер, таркатма материалдар

**Сабактын жүрүшү:** уюштуруу.тапшырманы суроо жана бышыктоо,

**Жаны тема.** Тема боюнча аңгеме куруу. Тексттен окуу

Бышыктап, үйгө тапшырма берүү

**9- пактикалык сабак. 2 саат**

**Грамматикалык тема**: Сөздүн тутуму

**Лексикалык тема:** А.Осмоновдун өмүрү жана чыгармачылыгы

План: 1. Лекика жөнүндө түшүнүк

2. Сөздүн тутуму. Уңгу жана мүчө

3. А.Осмоновдун өмүр жолун окуу

4. Акындын ырларынан көркөм окуу

5.Көнүгүү аткаруу

**Негизги түшүнүктөр:** Сөз, сөздүн тутуму, уңгу, мүчө, сөз жасоочу, сөз өзгөртүүчү, форма жасоочу, туунду уңгу, туубаса уңгу

**Адабияттар:**

1.А. ЖапаровКыргызтилининсинтаксиси Ф., 1979.
2.А. ИмановКыргыз тили. Синтаксис Ф., 1990.
3. А.У. Акынбекова Кыргыз тили Б.; 2014
4. С. Үсөналиев Кыргыз тилинин справочниги; 2010
5. Т.С. Маразыков Тексттин стилдик түзүлүшү Б.; 2013

**Сабактын түрү**: жаңы теманы өтүү

**Сабактын максаты: “**Манас” эпосундагы поэтика. Эпостогу уйкаштыктар ж.б. Эпостогу поэтикалык каражаттар менен тааныштыруу, аларды тексттен табуу. мекенчилдикке тарбиялоо

**Сабакта колодонуучу каражаттар**: китептер, буклеттер, таркатма материалдар

**Сабактын жүрүшү:** уюштуруу.тапшырманы суроо жана бышыктоо,

**Жаны тема.** Тема боюнча аңгеме куруу. Тексттен окуу

Бышыктап, үйгө тапшырма берүү

**Дасторкон**

Элибизге мейман келсе, жайылат ак дасторкон.
Дүйүм тамак: шербет, мейиз, анар, алма жык толгон.
Кыргыз пейли тоодой бийик, көлдөй терең туптунук
Колдо барын төгүп-чачып аябастан дасторкон.

Дасторконум, дасторконум
Күлкү болсун, ыр болсун,
Бабалардан мурас калып,
Келе жатат бул жоосун.
Элге –жерге берсин бакыт
Кут төгүлгөн береке.
Умай эне, Теңир ата
Урпактарын колдосун.

Дасторкондун даамын сызып, жарык кылып көңүлдү.
Ынтымактын сөзүн сүйлө, болсун элим өмүрлүү.
Намысыңды дасторкондой кирсиз таза сактагын
Арам ойлуу адам келсе тебелетпе төрүңдү.

**10- практикалык сабак. 2 саат**

**Грамматикалык тема**: Зат атооч сөздөр

**Лексикалык тема:** Ч.Айтматовдун "Биринчи мугалим" чыгармасы

План: 1. Зат атооч жөнүндө түшүнүк

2. Зат атоочтун лекико-грамматикалык маанилери жөнүндө маалымат
3. Ч. Айтматовдун "Биринчи мугалим" чыгармасынын мазмунун менен таанышуу
4. Мугалим Дүйшөндүн образына көркөм анализ берүү
5. Көнүгүү аткаруу

**Негизги түшүнүктөр**:Зат атооч, абстрактуу, жалпы ат, конкреттүү, энчилүү ат, адамзаттык , адамзаттык эмес, категория, жак категориясы, сан категориясы, жөндөмө категориясы, жеке, көптүк, мугалим, партия, коммунист, бай-манап, большевик

**Адабияттар:**


1.А. ЖапаровКыргызтилининсинтаксиси Ф., 1979.
2.А. ИмановКыргыз тили. Синтаксис Ф., 1990.
3. А.У. Акынбекова Кыргыз тили Б.; 2014
4. С. Үсөналиев Кыргыз тилинин справочниги; 2010
5. Т.С. Маразыков Тексттин стилдик түзүлүшү Б.; 2013


**Сабактын түрү**: жаңы теманы өтүү

**Сабактын максаты:** зат атооч создөрдүн грамматикалык маанилери менен таанышуу

**Сабакта колодонуучу каражаттар**: китептер, буклеттер, таркатма материалдар

**Сабактын жүрүшү:** уюштуруу.тапшырманы суроо жана бышыктоо,

**Жаны тема.** Тема боюнча аңгеме куруу. Тексттен окуу

Бышыктап, үйгө тапшырма берүү

Зат жөнүндө билгизип, жөндөмө, сан, таандык, жак менен өзгөргөн, сүйлөмдүн ар кайсы мүчөсү боло алган, ким? эмне? кимдер?эмнелер?деген суроолорго жооп берген сөз түркүмү **зат атооч деп аталат.** Зат атоочтор: абстрактуу, конкретүү, жалпы ат,энчилүү ат, жандуу жана жансыз болот Категориялары: сан,жак, таандык, жөндөмө

Заттын сын-сыпатын, өңүн -түсүн, белгисин, көлөмүн, даамын көрсөтүп, кандай?кайсы? деген суроолорго жооп берген сөз түркүмдөрүн **сын атооч** дейбиз. Мисалы: Оозу жаман, айылды булгайт, өтүгү жаман төрдү булгайт**.** Сын атоочтор катыштык жана сапаттык болуп бөлүнөт.

**Окугула**

Орто Азияда жашаган элдердин эң байыркысы кыргыздар экендиги тарыхта белгилүү. Муну менен катар алар илгертен эле жоокер эл болгон. Алар өз жашоо тарыхында нечен күчтүү баскынчы душмандардан эли-жерин, Ата мекенин, ал тургай коңшулаш жашаган калктарды да коргоп, далай кандуу майдандарда согушка катышып, нечен татаал жолдорду басып өткөн. Ошону менен катар өз биримдигин, үрп-адатын, салтын, кылымдар бою түзүлгөн маданиятын көөнөртпөй сактаган. Ушундай жоокерчилик замандагы кыргыздын элдик оюндарынын ичине жамбы атмай, оодарыш, балбан күрөш, улак тартыш, кан таламай, ордо, ат чабыш сыяктуу улуттук оюндар кирет.

**11-практикалык сабак. 2саат**

**Грамматикалык тема:** Сын атоочтун даражалары

**Лексикалык тема:** С.Эралиевдин өмүр жолу

План: 1. Сын атооч жөнүндө маалымат

2. Сын атоочтун даражалары

3. С. Эралиевдин өмүр баяны. Согуш мезгилиндеги ырлары

4. Жазуучунун чыгармаларынан окуу

5.Көнүгүү аткаруу

**Негизги түшүнүктөр:**Сын атооч, катыштык сын атооч, сапаттык сын атооч, жай, басаңдатма, күчөтмө, салыштырма

**Адабияттар:**

1.А. ЖапаровКыргызтилининсинтаксиси Ф., 1979.

2.А. ИмановКыргыз тили. Синтаксис Ф., 1990.

3. А.У. Акынбекова Кыргыз тили Б.; 2014

4. С. Үсөналиев Кыргыз тилинин справочниги; 2010

5. Т.С. Маразыков Тексттин стилдик түзүлүшү Б.; 2013

**Сабактын түрү**: жаңы теманы өтүү

**Сабактын максаты: “**Манас” эпосундагы поэтика. Эпостогу уйкаштыктар ж.б. Эпостогу поэтикалык каражаттар менен тааныштыруу, аларды тексттен табуу. мекенчилдикке тарбиялоо

**Сабакта колодонуучу каражаттар**: китептер, буклеттер, таркатма материалдар

**Сабактын жүрүшү:** уюштуруу.тапшырманы суроо жана бышыктоо,

**Жаны тема.** Тема боюнча аңгеме куруу. Тексттен окуу

Бышыктап, үйгө тапшырма берүү

**Чокан Валиханов**

Көрүнүктүү фольклорист биринчи жолу 1856-жылы Ысык- Көл өрөөнүн типографиялык картага түшүрүү максатында аскердик экспедиция болуп, кыргызстандын тарыхына, этнографиясына тиешелүү материалдарды о.э. элдик оозеки чыгармачылыктардын үлгүлөрүн жыйнап, анын жыйнаган материалдарынын негизгиси “Манас” эпосунун айрым окуялары м: “Манастын балалык чагы”, “Көкөтөйдүн ашы”, “Каныкейге

үйлөнгөнү" эпизоддору биринчи жолу "Орус географиялык коомунун запискалары" деген журналга "Жунгария очерктери" деген ат менен 1861-жылы жарыкка чыгат.
Ч.Валиханов казактын уулу, орус окумуштуусу.

**12-практикалык сабак. 2 саат**
**Грамматикалык тема:** Ат атооч
**Лексикалык тема:** Кыргыз элинин кенже эпостору
План: 1. Ат атооч жөнүндө түшүнүк
2. Ат атоочтун түрлөрү
3. Кыргыз элинин кенже эпостору: Курманбек, Жаны-Байыш, Саринжи Бөкөй ж.б.
4. Көнүгүү иштөө
**Негизги түшүнүктөр:** Ат атооч, жактама ат атооч, аныктама ат атооч, сурама, тангыч, белгисиз ат атооч
**Адабияттар:**

1.А. ЖапаровКыргызтилининсинтаксиси Ф., 1979.
2.А. ИмановКыргыз тили. Синтаксис Ф., 1990.
3. А.У. Акынбекова Кыргыз тили Б.; 2014
4. С. Үсөналиев Кыргыз тилинин справочниги; 2010
5. Т.С. Маразыков Тексттин стилдик түзүлүшү Б.; 2013

**Сабактын түрү**: жаңы теманы өтүү
**Сабактын максаты: "**Манас" эпосундагы поэтика. Эпостогу уйкаштыктар ж.б. Эпостогу поэтикалык каражаттар менен тааныштыруу, аларды тексттен табуу. мекенчилдикке тарбиялоо
**Сабакта колодонуучу каражаттар**: китептер, буклеттер, таркатма материалдар
**Сабактын жүрүшү:** уюштуруу.тапшырманы суроо жана бышыктоо,
**Жаны тема.** Тема боюнча аңгеме куруу. Тексттен окуу
Бышыктап, үйгө тапшырма берүү
